# МУНИЦИПАЛИТЕТ

ИЛИМИЙ-ПОПУЛЯРДУУ ЖУРНАЛ | НОЯБРЬ **2014** | **№ 11 (36)** **чыгарылышы**

Негиздөөчү жана басып чыгаруучу
***Өнүктүрүү саясат институту (ӨСИ)***

Башкы редактор, ӨСИ башкаруучу төрайымы
***Надежда Добрецова***

Аткаруучу редактор
***Лариса Ли***

Техникалык редактор
***Айганыш Качаганова***

Кыргыз тилиндеги котормонун редактору
***Нургүл Жаманкулова***

Дизайн жана жасалгалоо
***Адиль Абдраимов***

Кыргыз тилине которгон
***Зейнеп Алтымышова***

Журнал автордук макалаларды кабыл алат жана муниципалитеттерге даректелген акысыз жарнактарды жайгаштырат.

**Журнал акысыз таркатылат,**
бирок ӨСИ акы төлөп жазылууну уюштуруу укугуна ээ.

Журналдагы макалалар басып чыгаруучу тараптын жана анын өнөктөштөрүнүн көз карашын сөзсүз эле чагылдырбайт. Макаланын мазмуну үчүн жоопкерчилик авторлорго жүктөлөт.

**Бардык суроолор боюнча төмөнкү даректер аркылуу кайрылыңыздар:**
**почта** – 720021,
Кыргыз Республикасы,
Бишкек ш., Үсөнбаев көч., 44,
Өнүктүрүү саясат институту,
«Муниципалитет»
журналынын редакциясы;
**электрондук** – office@dpi.kg
nadya.dobretsova@gmail.com

**Телефондор:** (0312) 97-65-30
(31,32,33,34)
**Факс:** (0312) 97-65-29

Журналда Өнүктүрүү саясат институтунун кызматкерлери тарткан жана Интернеттен алынган сүрөттөр пайдаланылды.

Массалык маалымат каражаттарын каттоо жөнүндө күбөлүктүн каттоо номери 1785.

ISBN 1694-7053

## Муниципалитет – бул аймактын, ал жерде жашаган калктын жана ЖӨБ органдарынын үчилтиги

## БУЛ ЧЫГАРЫЛЫШТА:

### Көңүл чордонунда

Мыйзам долбоорго КЭУну “чет элдик агент катары” киргизүү тууралуу өзгөртүүлөр кабыл алынса, анда анын Кыргызстанга тийгизе турган терс таасирлери жана кесепеттери тууралуу кыскача божомолдор . . . 3

Биздин пенсиялар өзгөрүүлөргө муктаж . . . 6

### Мыйзамдагы жаңылыктар

Жергиликтүү жамааттын уставынын статусу күчөтүлдү . . . 9

Электрондук башкарууну киргизүү боюнча КР Өкмөтүнүн Программасы бекитилди . . . 10

КР Башкы прокуратурасы Кыргызстандын мамлекеттик органдарындагы коррупциялык кылмыштарга анализ жасады . . . 11

“Муниципалитет” журналынын сереби: коррупциянын рейтинги жүз кызматтык адамга туура келген кылмыштардын саны боюнча аныкталат . . . 12

### ЖӨБнын каржысы

2015-жылдын бюджети тууралуу – кооптонуу жана үмүт менен . . 13

Пайдалуу кендер ЖӨБнын бюджетин толуктоонун булагы катары . . . 16

Өкмөт отчеттуулукту кыскартууга барды. Баары утушта калды . . 22

2014-жылдагы дем берүүчү гранттардын эсебинен 106 долбоор жыйынтыкталды . . . 24

### Жергиликтүү демилге

Жергиликтүү демилге инфраструктура чөйрөсүнөн социалдык көйгөйлөрдү чечүүгө кетиш керек . . . 25

ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун пресс-сапары. Жарандардын үнүн уга билүү жана аларга ойлогонун ишке ашырууда жардам берүү . . . 30

# КЫРГЫЗСТАНДЫН БЕЙӨКМӨТТҮК УЮМДАРЫ ЖӨНҮНДӨ 5 ДАЛИЛ

## 1 Өлкөнүн ИДП (ИДП – ички дүң продукциясына) салымы (КР УСК отчету, 2011-ж.)

- 2,2 % — КОММЕРЦИЯЛЫК ЭМЕС ТАРМАК
- 2,2 % — ЖҮК ТАШУУЧУ УНАА КЫЗМАТЫ
- 2,1 % — САЛАМАТТЫКТЫ САКТОО ЖАНА СОЦИАЛДЫК КЫЗМАТТАРДЫ КӨРСӨТҮҮ
- 2 % — АЗЫК-ТҮЛҮК ПРОДУКТУЛАРЫН ЖАНА СУУСУНДУКТАРДЫ ӨНДҮРҮҮ

## 2 БӨУлардын социалдык чегерүүлөрү (КР Улуттук статистикалык комитетинин (мындан ары –УСК) отчету, 2012-ж.)

БӨУлардын СОЦИАЛДЫК ЧЕГЕРҮҮЛӨРҮ

189 млн. сом

=

ПЕНСИЯНЫН ЖЫЛДЫК ТӨЛӨМҮ

3553 пенсионерге (мисалы, Ысык-Ата районунан бардык пенсионерлер)

## 3 МАМЛЕКЕТТИК ТАРМАКТЫ КОЛДОО

- Мамлекеттик мекемелер
- Билим берүү кызматы
- Медицианалык кызматтар
- ЖӨБО (жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары)

Мына ушинтип гана үч БӨУ (Өнүгүү саясаты институту. Репродуктивдик саламаттык боюнча Альянс, Жаштарды өнүктүрүү институту) 2012-2014-жж. дээрлик 83 млн. сом суммасында медициналык жана билим берүү кызматтарын көрсөтүштү жана мамлекеттик мекемелер менен ЖӨБОлорго материалдык жана гранттык жардам беришти.

## 4 ЖУМУШТУУЛУКТУ КАМСЫЗДОО

БЕЙ ӨКМӨТТҮК ТАРМАК — 15 000 АДАМ

=

БӨУ КЫЗМАТКЕРЛЕРИНИН КЫЗМАТ АКЫСЫ (ҮЙ-БҮЛӨЛҮК БЮДЖЕТТИ ТОЛТУРУУ) — 1 МЛРД СОМ

=

ТОО КЕНДЕРИН КАЗЫП ЧЫГАРУУ ӨНӨР ЖАЙЫ — 8 000 АДАМ

+

МЕТАЛЛУРГИЯЛЫК ӨНӨР ЖАЙ — 7 000 АДАМ

## 5 100 БӨУНҮН СУРАМЖЫЛООСУ, КИЙИНКИЛЕРДИ КӨРСӨТТҮ...

1 БӨУ САЛЫКТАРЫ ЖАНА ЧЕГЕРҮҮЛӨРҮ

=

8 ПЕНСИОНЕР ҮЧҮН ПЕНСИЯ

+

1 БЮДЖЕТТИК КЫЗМАТКЕРДИН КЫЗМАТ АКЫСЫ

КР УСК (УСК – Улуттук статистикалык комитет) жана ЖККБА изилдөөсүнүн маалыматынын негизинде"Жарандык катышуу" КФ менен даярдалды.

# Мыйзам долбоорго КЭУну “чет элдик агент катары” киргизүү тууралуу өзгөртүүлөр кабыл алынса, анда анын Кыргызстанга тийгизе турган терс таасирлери жана кесепеттери тууралуу

# КЫСКАЧА БОЖОМОЛДОР

**Мыйзам долбоорго КЭУну “Чет элдик агент” катары (“КР ЖК депутаттары Бакир уулу Турсунбай, Мадалиев Нуркамил жана Нарматова Надира тарабынан 2014-жылдын 26-майында Кыргыз Республикасынын кээ бир мыйзам чыгаруу актыларына өзгөртүү жана толуктоолорду киргизүү тууралуу демилге көтөрүлүп чыккан жана сунушталган”) киргизүү тууралуу өзгөртүүлөр кабыл алынса, анын Кыргызстанга тийгизген терс таасирлери жана кесепеттери тууралуу «Интербилим» Эл аралык Борбору жана «Эркин Муун» Альянсы кыскача божомолдорду (алдын ала социалдык божомолдор) сунуш кылат. Бүгүнкү күндө Кыргызстанда каттоодон өткөн 15000 КЭУнун катарындагы, өлкөнүн бардык аймактарында активдүү иш алып барып жаткан КЭУлар, мамлекеттен каражат сурабастан, жеңилдетилген салыкка жана инвестициялык капиталга ээ болбостон ар кандай демилгелерди, долбоорлорду жана программаларды коомдун кызыкчылыгы үчүн ишке ашырып жатышат. Сунушталып жаткан өзгөртүү жана толуктоолорду кабыл алуу, бир гана Кыргызстандын жалпы коомчулугуна жакынкы келечекте олуттуу кесепеттерди алып келбестен, мамлекеттин өнүгүүсүндө анын бардык тармактарына кедергисин тийгизет.**

**ӨЭУнун ишмердигине бөгөт коюу же аны чектөө мамлекетке кошумча жүк алып келет, анткени КЭУлар өз ишмердиктерин жүргүзүп келген мезгилде алар мамлекет жасай албаган бир катар иштерди жүзөгө ашыра алды.**

**Мыйзам долбоорду кабыл алуу, ар түрдүү тармакта иш алып барып келген КЭУнун чектелүүсүнө, кыскаруусуна жана жоюлуусуна алып келет, бул өз учурунда коммерциялык эмес уюмдардан тейлөөлөрдү алып турган өлкөнүн калкынын жашоо шартынын начарлашын жана өлкөнүн бир топ жылга артка кетүүсүн шарттайт, ошондой эле коомдун жана өлкөнүн толук кандуу жана натыйжалуу өнүгүүсүн чектейт.**

## ЭКОНОМИКАЛЫК КЕСЕПЕТТЕР ЖАНА ЖОГОТУУЛАР

Социалдык-экономикалык жана башка тармактарды өнүктүрүүнү алга жылдыруу чөйрөсүндө КЭУнун ишмердигинин кыскаруусу жана жоюлуусу төмөнкүлөргө алып келет:

- КЭУ секторунун кызматкерлеринин жумуш орду менен камсыздалуусун кыскартат, жыйынтыгында, сектордун өкүлчүлүктөрүнүн арасында - штаттык кызматкерлер, ар кандай тармактардан тартылган консультанттар жана эксперттер жумушсуздукту толуктайт, бул алардын материалдык абалын жана экономикалык жагдайын алсыратып, өлкөдөгү жакырчылыктын деңгээлинин жогорулашына алып келет; Жумуштун жоктугу, өлкөнүн өнүгүүсүнө салымын кошуп келе жаткан КЭУ өкүлдөрүнүн квалификациялык тажрыйбаларынын төмөндөшүнө, практика, перспектива жана мүмкүнчүлүк болбогондуктан, моралдык-психологиялык абалынын жана ден соолугунун начарлашына алып келет;
- Тиешелүү мамлекеттик органдарга КЭУ сектору тарабынан которулган салык жана со-



циалдык которуулар төмөндөйт, бул өз учурунда өлкөнүн ИВПна түшүп келген жылдык салымдын азаюусуна таасирин берет, пенсиялык төлөмдөрдүн кечиктирилүүсүнө жана мүмкүнчүлүктөрдүн азаюусуна алып келет, статистикалык көрсөткүчтөр төмөнкүлөрдү күбөлөндүрөт:

- 2009-жылдан 2013-жылга чейин аралыктагы которуулардан тышкары, эл аралык долбоорлордун жергиликтүү кызматкерлеринин тейлөөлөрү үчүн штаттык айлык акы боюнча 41205 ыктыярдуу патенттер (Мамлекеттик Салык Кызматынын көрсөткүчтөрү) сатылып алынган, патенттин орточо наркы менен алганда, патенттердин жалпы суммасы 82 млрд. сомдон ашат;
- 2009-жылдан 2013-жылга чейинки аралыкта эл аралык долбоорлордун жана программалардын жергиликтүү консультанттарынын жана котормочуларынын тейлөөлөрү үчүн 10 000 ашык патент сатылып алынган, патенттин орточо наркы менен алганда ал 20 млрд. сомдон ашат;
- КЭУдын 2012-жылдагы 1 жылдык социалдык которуулары эле 189 млн сомду түзгөн, бул, КР НСК көрсөткүчтөрүнө ылайык 3553 пенсионердин жылдык төлөмүн түзөт;

- КЭУ секторунун колдоосунун жана экономикалык өнүгүүнүн конституциялык укугун ишке ашыруу мүмкүнчүлүктөрүнүн, максаттуу топтор үчүн окутуу, консультация берүү жана техникалык колдоо көрсөтүү мүмкүнчүлүктөрүнүн, киреше алып келүүчү ишмердикти түзүүдө КЭУ секторунун колдоосунун жоктугунан жана КЭУ секторунун социалдык-экономикалык долбоорлоруна жарандардын колдоо көрсөтө албастыгынан улам, КЭУ секторунун максаттуу топторунун анын ичинде калктын аярлуу катмарынын жашоо деңгээли начарлайт;
- КЭУ секторунун тарабынан көрсөтүлгөн ар кандай тейлөөлөрдүн кыскаруусунан жана жоюлуусунан улам, экономикалык активдүүлүк, өндүрүш жана аны стимулдаштыруу кыскарат, ошондой эле донорлук уюмдар азаят; мамлекеттин ишмердигинин өнүгүүсүнө таасир бере турган ИВП түшүүсү, инфляциянын өсүүсү, көмүскө экономиканын өсүүсү, социалдык чыңалуу жана социалдык акыйкатсыздык, миграциянын жогорулашы сыяктуу негизги экономикалык көрсөткүчтөрдүн начарлашынан улам өлкө кризиске учурайт;
- Экономиканын бардык тармактарында жагдай начарлайт: өнөр жай, айыл чарбасы, курулуш, соода, туризм, транспорт, байланыш жана башка тармактар өнүгүү динамикасынын жоктугунан улам алсырайт, КЭУ секторунун мамлекеттик башкаруу: модернизациялоо жана реконструкция, инновациялык кадамдарды жакшыртуу боюнча сунуш же концепция түрүндө кошкон КЭУ салымынын жоктугунан өлкөнүн бардык тармактары начарлайт.

## СОЦИАЛДЫК КЕСЕПЕТТЕР ЖАНА ЖОГОТУУЛАР

Социалдык тармактагы КЭУ ишмердигинин кыскарышы жана жоюлуусу өлкө калкынын жашоо шарттарынын начарлашына жана келечектеги олуттуу кесепеттерге алып келет:

- Билим жана тажрыйбага ээ болуу мүмкүнчүлүгүнүн, өзүн өзү өстүрүү жана та-

тыктуу жашоого ээ болуу мүмкүнчүлүгүнүн жоктугунан өлкөнүн ар кандай катмардагы жарандарынын билим берүү, руханий жана маданий жашоо деңгээли төмөндөйт, КЭУ секторунун билим берүү, социалдык жана башка ишмердигинин кыскарышынан улам инфраструктуранын тиешелүү жашоо шарттарын түзүү мүмкүнчүлүктөрү жоюлат жана начарлайт:

- Тренингдер жана семинарлар, тегерек отурумдар жана конференциялар;
- Басылмалар: газеталар, брошюралар, юридикалык жана башка колдоолор үчүн эстеткичтер;
- ТК жана радио – ар кандай темалар боюнча программалар, ТК- дебаттар жана Ток-Шоулар жана башкалар;
- жардам көрсөтүү боюнча ар кандай Борборлордун ишмердиги: медициналык, укуктук, балдардын күндүзгү Борборлору, майып балдардын борборлору, көчө балдарынын борборлору, кары адамдардын борборлору, жашаган орду жок адамдардын борборлору жана башкалар;
- жардамга муктаж адамдарга гуманитардык жардамдар;
- КЭУ секторунун социалдык жана башка долбоорлоруна калктын ар кандай катмарын тартуу жана ишке ашыруу;
- жана башкалар.

• Эң мыкты эл аралык практикаларды киргизүү мүмкүнчүлүгүнүн, кошумча тажрыйба жана билим алуунун, тажрыйба жана билим алмашуунун жоктугунан улам, өлкө жарандары ошондой эле жарандык коомдун өкүлдөрүнүн компетенцияларынын жана кесипкөйлүгүнүн акырындап төмөндөөсү;
• альтернативдүү тейлөөлөрдүн жоктугу, тейлөөлөрдү жана социалдык саясатты монополиялаштыруу;
• Медициналык, психологиялык, моралдык жана башка колдоолор боюнча КЭУ секторунун кошумча тейлөөлөрүнүн, ошондой эле КЭУ секторунун иш-чаралары аркылуу коомдук-саясий жашоого катышуу жана өзүн өзү өстүрүү мүмкүнчүлүгүнүн жоктугунан улам, максаттуу топтордун моралдык-психологиялык абалы начарлайт, оорунун деңгээли өсөт, жыйынтыгында, өлүмдүн деңгээли жогорулайт;
• Жана башкалар.

## САЯСИЙ КЕСЕПЕТТЕР ЖАНА ЖОГОТУУЛАР

Саясий тармакта КЭУнун ишмердигинин кыскаруусу жана жоюлуусу төмөнкүлөргө алып келет:

• Саясатты жана бийликти монополиялаштыруу, демократиялык эркиндиктин жоктугу, артынан түшүүлөр жана репрессиялар, коомдогу пикирлердин плюрализминин жана көп түрдүүлүгүнүн төмөндөшү, укуктар жана эркиндиктер бузулган авторитардык өлкө катары тышкы саясаттын жана өлкөнүн имиджинин начарлашы;
• Коомдун кызыкчылыгынын сакталуусуна жана адам укуктарына мониторинг жүргүзүүдө жана ал боюнча чечимдерди кабыл алууда жарандык коомдун катышуусу төмөндөгөндүгүнө байланыштуу адам укуктарынын жана коомчулуктун кызыкчылыктарынын бузулуу фактыларынын өсүшү, шайлоолор жүргөн учурунда жасалмалуулукка тоскоолдук көрсөткөн жарандык мониторингдин кыскаруусунан жана жоюлуусунан улам шайлоочулардын укуктарынын бузулуусу күч алат;
• Коомдук уюмдардын экспертизаларынын катышуусуз, жарандык коомдун пикирлери эсепке алынбастан натыйжасыз майзамдардын жана мамлекеттик органдар тарабынан чечимдердин кабыл алынуусу;
• Мамлекеттин ишмердигинде анын ар кыл тармагынын өнүгүүсүнө жана мамлекеттик органдардын реформаланышына таасир берип турган, КЭУ секторунун альтернативдүү сунуштарынын, концепцияларынын жана программаларнын жоктугунан улам, мамлекеттин саясаты жана мамлекеттик башкаруу начарлайт;
• Мамлекеттик структуралардын ачык айкындуулугунун жоктугунан коррупция жана мамлекеттик каражатты урдоо күч алат, жарандык мониторингдин төмөдөшүнөн, республикалык жана жергиликтүү бюджетти түзүү боюнча коомдук угууларга КЭУ секторунун катышуусунун жоктугунан улам керектөөчүлөрдүн жана башка катмардагы жарандардын укуктары бузулат;
• Ар кыл тармактагы жарандардын коопсуздук деңгээли төмөндөйт: тышкы, ички, аскердик, экономикалык, экологиялык, маалыматтык жана башкалар, жыйынтыгында бул тармактарда көзөмөл төмөндөйт жана жоголот.

Кыргызстандын КЭУ сектору, мамлекеттин ар кыл тармагынын ишмердигинде өз бенефициарларынын көйгөйлөрүн чечүүгө жана демократиялык принциптерди алга жылдырууга, өлкөнүн жана жарандык коомдун өнүгүүсүнө катышкан, өлкөнүн саясий системасындагы маанилүү сектор катары, КР Жогорку Кеңешин, КР Конституциясына каршы келген жана жарандык жана саясий укуктар тууралуу Эл аралык пакттын жоболоруна жана мыйзамдарына туура келбеген өзгөртүү жана толуктоолорду киргизүү аркылуу жарандардын, жарандык коомдун жана өлкөнүн тагдырына олуттуу кесепеттерди алып келген, терең ойлонулбаган жана маанисиз чечимдерди кабыл албоого чакырат.

**Урматтоо менен, «Интербилим» ЭБ жана «Эркин Муун» Альянсы**



# Биздин пенсиялар өзгөрүүлөргө муктаж

Лика ЧУМАКОВА

**Жыл сайын өкмөт имаратынан ар кандай түрдөгү жана мазмундагы канча ченемдик-укуктук актылар чыгып турат? Алар жүздөп саналат. Алар эмне тууралуу, кандай максаттарды жана милдеттерди көздөйт, натыйжада адамдардын жашоосунда эмнелерди өзгөртүүдө? Кыргызстан калкынын негизги катмарына бул кагаздар белгисиз бойдон калууда, анын үстүнө өзгөчө кызыгууну деле жаратпайт. Бирок кээде андай болбойт. Биздин пенсиялык системабыздагы чыныгы реформалардын отчету баштала турган өзгөчө документ өкмөттүн 2014-жылдын 9-октябрындагы “КРнын айрым мыйзамдык актыларына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө” Токтому болуп калышы ыктымал. Документке кол койгон премьер-министр Жоомарт Оторбаевдин бул чечимине кайсы бир ишкер айтмакчы, бизнес өкүлдөрү тура калып кол чабууга даяр. Мынчалык узакка жана оорчулук менен – дээрлик 20 жыл бою – министрлер кабинетинин бир дагы токтому жаралган эмес. Өзгөрүүлөр жана толуктоолор “Мамлекеттик социалдык камсыздандыруу жөнүндө” Мыйзамга тиешелүү. Алар акыры бүгүнкү күнгө чейин мамлекет ичиндеги кандайдыр бир мамлекетке айланган Соцфонддун системасына белгилүү бир логиканы киргизүүдө. “Салык консультанттар палатасы” коомдук бирикмесинин башчысы Татьяна Ким Соцфондду кара кутуга салыштырат.**

- Кутунун ичинде эмне бар? Эч ким чындап эле билбейби? – дейт ал.

Бул ведомство бир колу менен камсыздандыруу үчүн чегеримдерди чогултса, экинчи колу аларды бөлүштүрөт, ошол эле маалда төлөөчүлөрдү каттоо, эсепке алуу жана көзөмөлдөө, текшерүү жана жазалоо менен алектенет. Соцфонддун өзүнүн бюджети бар, ал болсо пенсиялык органдын бардык постсоветтик жетекчилери чын дилинен берилип коргогон “Мадрид сарайынын сырларына” окшошуп да кетет.

Бул системанын сырдуу лабиринттерине жарык берип, аны ачык-айкын кылууга аракеттенген аткаминерлер же коомдук уюмдар эртеби-кечпи бул оюнан баш тартчу. Анткени бул жерден биздин өлкөдө экономикалык да, социалдык да саясатты аныктабаган Соцфонд өңдүү структурадан эч ким күтпөгөн күчтүү каршылыкка кабылчу. Бар-

дык сыр бир күнү ашкере болуш үчүн өзүбүздүн Сноуденибиз болсо гана...

Бирок эгерде тамашаны жыйыштыра турган болсок, анда өкмөттүн үстүбүздөгү жылдын 9-октябрындагы токтому Соцфонддон камсыздандыруу үчүн чегеримдерди жыйноо жана башкаруу боюнча функцияларды алып, аны ыйгарым укуктуу органга – Салык кызматына өткөрүп берүү менен ведомствонун сырларын ачыктоого аракет кылды. Салык кызматы 8 салыкты жыйнап келет, муну менен республикалык бюджеттин киреше бөлүгүн толуктоо боюнча негизги жүктү көтөрөт, андыктан дагы бирөөсүн – социалдык салыкты көтөрө алат деп эсептешет документтин авторлору.

Акыркы бир нече жылдан бери Соцфондго салыштырмалуу Мамлекеттик салык кызматы (МСК) өз ишмердигин кайра карап чыгып, аны кардарлар үчүн дагы да ачык, айкын, тейлөө жагынан жеткиликтүү кыла алды. “Бирдиктүү терезенин” киргизилиши, отчетторду электрондук түрүндө тапшыруу мүмкүнчүлүгү, текшерүүлөрдүн жана отчеттуулуктун санын азайтуу, ошондой эле ишиндеги башка жаңы тенденциялар көзөмөлдөөчү орган менен салык төлөөчүлөрдүн ортосундагы мамилелерде буга чейин болуп келген чыңалууну азайтып, бара-бара өнөктөш мамилелерге айланды.

Албетте учурдагы салык системасын алдыңкы деп айтууга болбойт, бирок жакшы жагына өзгөрүүлөр байкалып турат. Мисалы, ачыктыкты алалы. Салык төлөөчүнүн акчасы тууралуу сөз болуп жаткан чакта сапат өзгөчө маанилүү.

- МСКнын баарына абдан жакшы белгилүү болгон кемчиликтери жана жетишпегендиктери бар. Бирок эгерде мен салык тууралуу көбүрөөк билгим келсе, тармактар боюнча бөлүп чыгууну кааласам, анда мен мындай маалыматты алалам, - деген пикири менен бөлүштү Татьяна Михайловна. – Ушул эле нерсени ири компаниялардын, чакан жана орто бизнес жүргүзгөн ишканалардын салыктары, казынаны толуктоодо райондордун жана облустардын салымдары тууралуу айтса болот. Сандар ошол эле бойдон калат. Ал эми Соцфонддо болсо, кирешелер таблицасындагы маалыматтар болгондо да миллиарддаган сомго айырмаланып турат.

Экономика министрлигинин эксперттери мурдатан эле эсептеп чыккандай, МСК менен Соцфонддун маалыматтар базасында төлөөчүлөрдүн саны боюнча Салык кызматынын пайдасына олуттуу айырмачылыктар бар. Эгерде юридикалык жактар боюнча айырма анчалык чоң болбосо да, Салык кызматы администрациялаган жеке ишкерлер, дыйкан-фермердик чарбачылыктар боюнча салык төлөөчүлөрдүн саны Соцфонддун төлөөчүлөрүнүн санынан бир нече эсеге ашат. Ошондуктан алар МСКга салык жыйноо функциясын өткөрүп бергенде камсыздандыруу төлөмдөрүн жыйноо автоматтык түрдө 1,5 миллиард сомго көбөйөт.

Акыр соңунда эсепке алуу жагын да тартипке келтирсе болот – ким камсыздандыруу төлөмдөрүн чегерүүдөн качып жатканын аныктоо мүмкүн болот. Анткени маңызын карай турган болсок, салык төлөөчүлөр тууралуу маалыматтар Салык кызматында да, Соцфонддо да окшош болуш керек эмеспи. Бирок бүгүнкү күндө Кыргызстанда мындай болгон жок.

Пенсия системасында учурда орун алган практиканы өзгөртүү зарылчылыгынын башка дагы бир катар себептери бар. IFC’нин эксперти Эмил Абдыкалыковдун баамында, маанилүү себептердин бири – бизнестин жүгүн азайтуу. Анткени ошонун эсебинен Фонд иш алып барууда, анын бюджети түзүлүүдө жана кары-картаңдарга, багар-көрөөрү жок аз камсыздалган үй-бүлөлөргө төлөөлөр жүзөгө ашырылууда:

- Текшерүүлөр, ай сайын Соцфондго отчет тапшыруу – мунун баары ишкер үчүн убактысын жана нервин алган милдет. Ошону менен бирге “бирдиктүү терезе” болгон үчүн салык инспекциясына жүрүштөр жеңил өтөт. Ал эми Соцфонддун райондук бөлүмдөрүнө баш багуу, өзгөчө кураторлор менен сүйлөшүүлөр көптөрдө стрессти пайда кылууда.

Бул түшүнүктүү эле, эгерде МСК коррупциялык белгилерди жок кылуу үчүн инспектор менен салык төлөөчүнүн баарлашуусун мүмкүн болушунча азайтууну максат кылса, пенсия ведомствосунда мындай кураторлук колдоого гана алынат.

Ошону менен бирге биздин бизнес өкүлдөрү дүйнөдөгү эң жогорку салыкты төлөөгө мажбур болгонун унутпайлы. Австралияда камсыздандыруу төгүмдөрүнүн коюму – 18 пайыз, Швецияда – 18,5, АКШ менен Грузияда – 15, Британия менен Казакстанда – 11, Нидерланддар менен Германияда – 10, Корея Республикасында – 9. Дагы бир көңүл бурчу жагдай, аталган өлкөлөрдүн баарында төгүмдөрдү жыйноо жана башкаруу функциясын салык органы жүзөгө ашырат.

Жогорудагы көрсөткүчтөрдү биздеги менен салыштыра келгенде бир топ суроолор пайда болот. Башкы суроо: эмне үчүн эң жогорку коюм – 27 пайыз болгон чакта да биздин кары-картаңдардын пенсиясы мынчалык аз? Соцфонддун маалыматы боюнча, 2014-жылы пенсионерлердин жалпы саны 589,6 миң болчу, электр энергияга компенсацияларды эсепке алуу менен пенсиянын орточо көлөмү – 4432 сом, жашоо-тиричилик минимуму – 4408 сом. Олуттуу бир түзөтүү киргизели: орточо же андан жогору пенсия алгандар – жарымдан бир аз көп, демек калганы – 250 миңден ашык адам жашоо-тиричилик минимумуна да жетпей калып жатпайбы.

Албетте жакында эле биздин өлкөгө келип кеткен Грузиянын финансы министринин мурдагы орун басары, экономика министринин орун басары Гиорги Цхакаянын “салык канчалык жогору болсо, адам аны ошончолук төлөгүсү келбейт” деген сөзүнө кошулбай коюу мүмкүн эмес. Цхакая грузин экономикасынын реформаторлорунун бири болгон. Ошол реформанын жүрүшүндө эскирген пенсия системасы жоюлуп, социалдык салыкты

жыйноо жана башкаруу боюнча функциялар Салык кызматына, ал эми каттоо жана каражаттарды бөлүштүрүү функциясы Саламаттык сактоо министрлигине берилген. Бүгүнкү күндө акча кайда кетип жатат деп ишкерлердин да, фискалдык органдардын да, пенсионерлердин да башы оорубайт. Аларды салык жыйымын кантип арттырып, калктын турмуш шартын канткенде жакшыртууга болот деген суроо көбүрөөк кызыктырат.

Ал эми Кыргызстанда өмүр бою карылык үчүн акча топтоп жүрүп, бирок пенсия курагына жетпей көз жумгандардын акчасы кайда кеткенин жана кетип жатканын бир дагы бийлик органы, анын ичинде Эсептөө палатасы да айта албайт. Ал эми мындайлар, статистика көрсөткөндөй, бизде миңдеп саналат экен. Соцфонд иштей баштагандан бери Кыргыз Республикасынын жарандары бир дагы жолу төмөнкү суроого так жооп алалбай келатат: Карыкартаңдардын акчасын баалуу кагаздарга жумшоо менен ведомство канча пайда көрүүдө жана дивиденддер эмнеге жана кайда жумшалууда?

Ал арада бюджетти түзүүдө жана каражаттарды бөлүштүрүүдө ачык-айкындуулуктун жоктугунан, чабал менеджменттин айынан, Соцфонддун өзгөчө статусунан улам зарыл болгон көзөмөлдүн болбогонунан республикалык казынадан берилчү трансферттердин көлөмү жылдан жылга өсүүдө. Айталы, 2014-жылы республикалык бюджетке жүктү күчөтүү менен трансферттер 14 миллиард сомго жеткен.

Бул статистиканы билгенден кийин карылыкка инвестиция салуудан баш тарткан сабаттуу жана жаңычыл көз караштагы жаштарды түшүнсө да болот. Анткени иш жүзүндө ай сайын жогорку коюм боюнча социалдык чегерүүлөрдү жасап жаткан ак ниеттүү юридикалык жана физикалык жактар эки жолу төлөгөндөй болуп калууда. Тагыраак айтканда, ошол эле ишкерлерден чогултулган салыктын бир бөлүгүн Соцфондго финансылык колдоо ирээтинде багыттоо менен муну алардын ордуна өкмөт кылып жатат.

Ошону менен бирге эң өкүнүчтүүсү, биздин карыларыбыз мындан байып да кеткен жок, бактылуу да болушкан жок, ал эми пенсиясына кошулган 250-300 сомду адамды кемсинткен кайыр садага катары көрүшүүдө. Бул акчага болжол менен 15 бөлкө нан, же үч литр суу май келет.

Эгерде баары Соцфондду реформалоо учур талабы экенин көрүп, түшүнүп турса, анда эмне үчүн бул процесс ордун жыла албай жатат? Балким кептин баары мыйзамдарда болуп жүрбөсүн?

- Чындыгында салык салуу базасы жана социалдык чегерүүлөр базасы бирдей эле, - деп эсептейт Эмил Абдыкалыков. – Айырмасы ар башка эсептен чыгарууларда. Ошондуктан функцияларды өткөрүп берүүдө ченемдик-укуктук актыларды үндөштүрүү зарыл: эсептен чыгарууларды бирдей кылып, бошотууларды да окшоштуруш керек. Эгерде киреше салыгына тиешелүү мыйзамдар бир түргө келтирилсе, анда салыкчыларды кайра окутуунун кажети болбойт. Эгерде функцияларды бүгүнкүдөй түрүндө өткөрүп берсе – бул башка маселе. Анда инспекторлор түрдүү категориялар боюнча эсептөөнүн өзгөчөлүктөрүн жана методикасын билүүгө тийиш. Бирок бул чечилчү маселе деп айтаар элем. Ушул тапта мыйзамдык база азырынча даяр эмес, бирок бул ишти жөнгө салуу оор эмес. Жакшы адистер үчүн мыйзам долбоорун даярдай коюу жарым күндүк убактысын алат.

Көптөрдүн, анын ичинде Татьяна Кимдин баамында, реформалар пенсиялык ведомствонун күчтүү лоббисинен улам да ишке ашпай жатат. Бул ведомствонун кызыкчылыгы – финансылык агымды жыйноо жана көзөмөлдөө функциясын башка органга өткөрүп берүүгө жол бербөө. Анткени анда “Соцфонддун сарайындагы сырлар” сыр болбой калат да. Дагы бир себеп – өзгөрүүлөргө даяр болгон, бирок бир структурадан экинчисине ыйгарым укуктарды жана функцияларды өткөрүп берүүдө боло жүрчү дал келбестиктерден, чаташуулардан корккон аткаруу бийлигинин чечкинсиздиги, камырабастыгы. Грузияда да бул нерсе болгон, бирок ал жакта өкмөт оптималдаштырууга каршы чыккандардын басымына да, пенсионерлердин нааразылыгына жана онтоолоруна да туруштук бере алган.

Бардык факторлорду эсепке алуу менен, ошондой эле ыктымал тобокелчиликтерди мүмкүн болушунча азайтуу максатында “Салык консультанттар палатасынын” жетекчиси социалдык чегерүүлөргө жаңы салык салууга баскычбаскычы менен өтүү тууралуу өкмөттүн чечимин колдойт. Адегенде бул жаңы иш эки пилотто – бир айылдык жана бир шаардык райондо апробацияланат деп пландалууда.

Бирок Татьяна Кимдин айтымында, өкмөт адегенде МСКнын пилотторуна салык жыйноо жана башкаруу боюнча бардык ыйгарым укуктарды документ түрүндө бекитип туруп өткөрүп бериш керек. “Болбосо, социалдык чегерүүлөр боюнча бухгалтерияны текшерүү үчүн инспектор объектке келген чакта аны эч ким тоотпой коюушу ыктымал. Эмненин негизинде компания анын алдында отчет бериш керек?”.

Суроолор жана көйгөйлөр көп, бирок өкмөт өз токтому менен Соцфондду оптималдаштырып, бир чоң структураны көмүскөдөн алып чыгуу маселесинде чечкиндүүлүгүн көрсөткөн учурга салыштырмалуу бул көйгөйлөр аз эле. Өкмөт саясий эркин көрсөтө алды, ийгиликтин негизги фактору катары бул нерсе зарыл болгонун мен баарлашкан эксперттердин баары айтып жатышат. Бирок “Мамлекеттик социалдык камсыздандыруу жөнүндө” Мыйзамга толуктоолор жана өзгөртүүлөр Жогорку Кеңештен колдоо табыш керек. Ошондуктан бир суроо ачык кала берүүдө: өкмөттүн экономикалык жана социалдык саясатты адамдарга карата натыйжалуу жана гумандуу кылуу аракетин колдоп берүүгө депутаттардын саясий эрки жетээр бекен.

# Жергиликтүү жамааттын уставынын статусу күчөтүлдү

2014-жылдын 21-ноябрында Кыргыз Республикасынын Президенти Алмазбек Атамбаев “Кыргыз Республикасынын айрым мыйзамдык актыларга өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө” КР мыйзамына кол койду. Аталган мыйзам “Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө” жана “Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө” КР мыйзамдарынын айрым бир нормаларын өнүктүрүү максатында иштелип чыккан.

1. Мыйзамдардагы акыркы өзгөрүүлөргө байланыштуу “Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө” КР мыйзамында редакциялык-техникалык мүнөздөгү өзгөртүүлөр киргизилген. Б.а., “шайлоочулар тобу” деген жамдаш сөз мыйзамдын бардык текстинде түрдүү жөндөмө жана сандык формаларында алып салынды, ошондой эле шайлоо системасын өркүндөтүүгө багытталган уюштуруучулук мүнөздөгү бир катар өзгөртүүлөр киргизилди.

2. “Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө” КР Мыйзамына киргизилген өзгөртүүлөр мыйзамдын айрым жоболорун башка ченемдик укуктук актыларга шайкеш келтирүү жана өркүндөтүү, ошондой эле мыйзамда болгон боштуктарды жана карама-каршылыктарды жоюу максатында даярдалды:

1) кабыл алынган мыйзам менен жергиликтүү калктын негиз салуучу документинин – жергиликтүү жамааттын Уставынын статусу күчөтүлдү. Жергиликтүү жамааттын Уставынын түшүнүгү жана милдети такталды, эгерде буга чейин устав анын аныктамасына ылайык укуктук акт статусуна ээ болуп келсе, эми ченемдик укуктук акт катары статусу жогорулады.

Мындан ары жергиликтүү жамааттын уставы (Мыйзамдын 15-беренесинин 2-бөлүгү) жаңы аныктамага ылайык, жергиликтүү жамааттын ички турмуш тиричилигинин негизги принциптерин жана эрежелерин регламенттештирет, жергиликтүү жамааттын мүчөлөрүнүн укуктарын жана милдеттенмелерин караштырат, жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүдө, анын ичинде жергиликтүү жамааттын бюджеттик процесске катышуусунда жана жергиликтүү өз алдынча башкаруунун Кыргыз Республикасынын мыйзамдары менен жөнгө салынбаган башка маселелеринде жергиликтүү жамаат менен жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын өз ара мамилелеринин тартибин аныктайт.

Эми жергиликтүү жамааттын уставы үчүн укуктук база толук өлчөмдө даяр деп айтууга негиз бар. Анткени мыйзамга ылайык, жергиликтүү жамааттын уставы бир катар олуттуу маселелерди регламенттештириш керек. Алар: жергиликтүү жамааттын мүчөлөрүнүн жергиликтүү маанидеги маселелер боюнча ченем чыгаруу демилгесин белгилөөгө жана аныктоого укугу (“ЖӨБ жөнүндө” Мыйзамдын 14-беренеси); курултайдын делегаттарынын өкүлчүлүгүнүн нормаларын, аны өткөрүүнүн жана курултайдын чечимдерин ишке ашыруунун тартибин Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларына ылайык белгилөө укугу (“ЖӨБ жөнүндө” Мыйзамдын 59-беренесинин 3-б.); жергиликтүү маанидеги маселелерди белгилөө, өзгөртүү жана токтотуу укугу (“ЖӨБ жөнүндө” Мыйзамдын 17-беренесинин 1-б.); жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүү боюнча жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын өз ара мамилелеринин тартибин мыйзамдарга ылайык белгилөө укугу (“ЖӨБ жөнүндө” Мыйзамдын 17-беренесинин 3-б.) жана башкалар.

Жалпысынан жергиликтүү жамааттын уставдары менен жарандардын жергиликтүү өз алдынча башкарууну жүзөгө ашырууга катышуусу, элеттин учурдагы көйгөйлөрүн аныктоодо жана аларды биргелешип чечүүдө жергиликтүү жамаат менен жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын өз ара аракеттешүүсү, ошондой эле тигил же бул калктуу конуштун салттуу, этностор аралык, географиялык жана башка өзгөчөлүктөрүнө байланыштуу ички локалдык маселелерди чечүүгө багытталган башка бир катар нормалар жана эрежелер белгилениш керек.

2) акыркы жолу өткөн жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо “Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө» КР мыйзамында бир топ кемчиликтерди аныктады. Алардын бири 37-берененин жоболору эсептелет. Анда шаардык кеңештин төрагасы кызматына талапкерди көрсөтүү өзгөчө көйгөйлүү маселеге айланды.

ЖӨБ тууралуу КР мыйзамынын буга чейинки редакциясындагы 37-берененин 1-бөлүгү депутаттарга шаардык кеңештин төрагасын көпчүлүк фракциялардын депутаттарынын же көпчүлүк фракциялардын коалициясынын ичинен гана тандоо мүмкүнчүлүгүн берген. Ошол эле маалда азчылык фракциялардын же азчылык фракциялардын коалициясынын депутаттары талапкерлерин шаардык кеңештин төрагасы кызматына көрсөтүү укугунан колдоно албай калчу. Бул болсо жарандардын жергиликтүү өз алдынча башаруу органдарына шайлоо жана шайлануу өңдүү негиз салуучу конституциялык нормаларга одоно карама-каршы келчү.

Эми 37-берененин жаңы редакциясына ылайык, шаардык кеңештин төрагасы кызмат ордуна талапкерди көрсөтүү укугуна ар бир фракция же фракциялардын ар бир коалициясы ээ болду, бирок алардын ар бири бирден гана талапкер көрсөтүүгө укуктуу.

3) КР Премьер-министри дайындаган адамдардын шаардын мэринин милдетин аткаруучу же айыл өкмөт башчысынын милдетин аткарган аким болуп дайындалган адамдардын кызматта болуу мөөнөтүнүн кыскалыгын (1 айдан 3 айга чейин) эсепке алып, кабыл алынган мыйзам менен ЖӨБнын аткаруу органдарынын башчыларын дайындоо жана кызматтан бошотуу тартиби өзгөрдү. Эми:

- шаардык кеңештин чакырылышынын мөөнөтү бүткөн же мөөнөтүнөн мурда таркатылган күндөн тарта жаңы шайланган мэр кызматына расмий киришкен күнгө чейин шаардын мэри милдетин убактылуу аткаруучу болуп эсептелет;
- шаардын мэри мөөнөтүнөн мурда кызматынан бошотулган учурда шаардын жаңы мэри шайланганга чейин анын милдетин биринчи вице-мэр аткарып турат. Биринчи вице-мэр кызматы болбогон учурда мэрдин милдетин вице-мэр аткарат;
- айылдык кеңештин чакырылышынын мөөнөтү бүткөн же мөөнөтүнөн мурда таркатылган күндөн тарта жаңы айыл өкмөт башчы кызматына расмий киришкен күнгө чейин анын милдетин айыл өкмөт башчы аткаруучу болуп эсептелет;
- айыл өкмөт башчы мөөнөтүнөн мурда кызматынан бошотулган учурда жаңы айыл өкмөт башчы шайланганга чейин анын милдетин айыл өкмөт башчынын орун басары аткарып турат. Айыл өкмөт башчынын орун басары кызматы болбогон учурда айыл өкмөт башчынын милдетин аткаруу айыл өкмөттүн жоопту катчысына жүктөлөт.

# Электрондук башкарууну киргизүү боюнча КР өкмөтүнүн Программасы бекитилди

**“2014-2017-жылдарга Кыргыз Республикасынын аткаруу бийлигинин мамлекеттик органдарында жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында электрондук башкарууну ("электрондук өкмөт") киргизүү боюнча Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн программасы жөнүндө” КР Өкмөтүнүн токтому**

2014-жылдын 17-ноябрында КР Өкмөтү №651 “2014-2017-жылдарга Кыргыз Республикасынын аткаруу бийлигинин мамлекеттик органдарында жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында электрондук башкарууну (“электрондук өкмөт”) киргизүү боюнча Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн программасы жөнүндө” токтому кабыл алынган.

Кабыл алынган токтом менен эки негизги документ бекитилди. Алар:

- 2014-2017-жылдарга Кыргыз Республикасынын аткаруу бийлигинин мамлекеттик органдарында жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында электрондук башкарууну («электрондук өкмөт») киргизүү боюнча Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн программасы;
- 2014-2017-жылдарга Кыргыз Республикасынын аткаруу бийлигинин мамлекеттик органдарында жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында электрондук башкарууну («электрондук өкмөт») киргизүү боюнча Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн программасын ишке ашыруунун Иш-чаралар планы;

Андан ары кабыл алынган токтом менен аткаруу бийлигинин мамлекеттик органдарына жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына төмөнкүлөр тапшырылды:

- белгиленген мөөнөттө Иш-чаралар планын аткаруу боюнча конкреттүү чараларды көрүү;
- жарым жылдыктын жыйынтыктары боюнча отчеттук мезгилден кийинки айдын 15-күнүнөн кечиктирбестен, Иш-чаралар планынын аткарылышынын жүрүшү жөнүндө маалыматты жалпылоо үчүн Кыргыз Республикасынын Экономика министрлигине берүү.

Өз кезегинде КР Экономика министрлигине отчеттук мезгилден кийинки айдын 30-күнүнөн кечиктирбестен, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Аппаратына Иш-чаралар планынын аткарылышынын жүрүшү жөнүндө жалпыланган маалымат берүү тапшырылды.

КР Өкмөтүнүн Программасы 2013-2017-жылдар мезгилине Кыргыз Республикасын туруктуу өнүктүрүүнүн Улуттук стратегиясынын талаптарын көнүлгө алуу менен КРнын аткаруу бийлигинин мамлекеттик органдарынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишмердигинин натыйжалуулугун арттыруу, электрондук кызмат көрсөтүүлөрдүн ачыктыгы жана спектрин кеңейтүү, натыйжалуу жана аз чыгымдуу башкаруу, демократияны өркүндөтүү жана бийликтин калк алдындагы жоопкерчилигин күчөтүү үчүн КРнын аткаруу бийлигинин мамлекеттик органдарында жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында маалыматтык-коммуникациялык технологияларды пайдаланууну кескин түрдө жакшыртуу максатында иштелип чыккан.

Мамлекеттик башкаруу системасында коррупциялык факторлорду жок кылуу, жарандардын сапаттуу кызмат көрсөтүүлөрдү, ошондой эле бул үчүн зарыл болгон маалыматтарды тоскоолдуксуз жана өз убагында алуусу үчүн шарт түзүү Программанын негизги милдеттери болуп эсептелет.

# КР Башкы прокуратурасы Кыргызстандын мамлекеттик органдарындагы коррупциялык кылмыштарга анализ жасады



**Көзөмөл ведомствосунан кабарлашкандай, 2014-жылы 869 коррупциялык кылмыш аныкталган.**

2013-жылы 1085 коррупциялык кылмыш аныкталса, алардын ичинде: жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында – 294, шаарлардын мэрияларында – 79, Коргоо министрлигинде – 79, Билим берүү жана илим министрлигинде – 74, Архитектура жана курулуш жана турак жай-коммуналдык чарба боюнча мамлекеттик агенттикте – 44, Ички иштер министрлигинде – 54, Мамлекеттик каттоо кызматында – 42, Саламаттык сактоо министрлигинде – 39, Экологиялык жана техникалык коопсуздук боюнча мамлекеттик агенттикте – 32, Социалдык фонддо – 28, Чек ара кызматында – 26, Салык кызматында – 25, Транспорт жана коммуникациялар министрлигинде – 19, Бажы кызматында – 16, облустук жана райондук мамлекеттик администрацияларда – 11 жана сот корпусунда – 20.

**Башкы прокуратурадан белгилешкендей, келтирилген сандардан жасалган кылмыштардын саны боюнча алдыңкы орунду жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары ээлейт. Анткен менен, эгерде кылмыштардын санын ар бир жүз кызматтагы адамга эсептей келгенде, анда төмөнкүдөй болот:**

Архитектура жана курулуш жана турак жай-коммуналдык чарба боюнча мамлекеттик агенттик – 275, Саламаттык сактоо министрлиги – 243, Билим берүү жана илим министрлиги – 117, Энергетика жана өнөр жай министрлиги – 84, Бажы кызматы – 53,3, Экологиялык жана техникалык коопсуздук боюнча мамлекеттик агенттик – 46,3, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары – 45,4, Транспорт жана коммуникациялар министрлиги – 39,5, облустук жана райондук мамлекеттик администрациялар – 11,4 жана сот корпусу – 3,7.

2014-жылдын 9 айында 869 коррупциялык кылмыш аныкталган. Алардын ичинде: жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында – 217, шаарлардын мэрияларында – 89, Билим берүү жана илим министрлигинде – 65, Мамлекеттик каттоо кызматында – 54, Ички иштер министрлигинде – 46, Коргоо министрлигинде – 40, Бажы кызматында – 27, Саламаттык сактоо министрлигинде – 24, Транспорт жана коммуникациялар министрлигинде – 22, Салык кызматында – 18, Өзгөчө кырдаалдар министрлигинде – 18, Архитектура жана курулуш жана турак жай-коммуналдык чарба боюнча мамлекеттик агенттикте – 16, Дене тарбия жана спорт боюнча мамлекеттик агенттикте – 15, Экологиялык жана техникалык коопсуздук боюнча мамлекеттик агенттикте – 9, Жаза аткаруу мамлекеттик кызматында – 9, Айыл чарба жана мелиорация министрлигинде – 8, Социалдык фонддо – 8, облустук жана райондук мамлекеттик администрацияларда – 4 жана сот корпусунда – 18.

Ошону менен бирге кылмыштардын санын ар бир жүз кызматтык адамга эсептөө менен бөлө келгенде кырдаал мындайча өзгөрөт:

Саламаттык сактоо министрлиги – 150, Билим берүү жана илим министрлиги – 103, Архитектура жана курулуш жана турак жай-коммуналдык чарба боюнча мамлекеттик агенттик – 100, Бажы кызматы – 90, Энергетика жана өнөр жай министрлиги – 53.8, Транспорт жана коммуникациялар министрлиги – 45,8, ӨКМ – 39.1, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары – 33.5, Мамлекеттик каттоо кызматы – 33.5, шаарлардын мэриялары – 28.4; Дене тарбия жана спорт боюнча мамлекеттик агенттик – 28.3, Мамлекеттик мүлк – 16.6, Экологиялык жана техникалык коопсуздук боюнча мамлекеттик агенттик – 13, Салык кызматы – 11.9, Айыл чарба жана мелиорация министрлиги – 8.8 жана сот корпусу – 3.3.

**http://svodka.akipress.org/news:139131**

## “Муниципалитет” журналынын сереби: коррупциянын рейтинги жүз кызматтык адамга туура келген кылмыштардын саны боюнча аныкталат

Өнүктүрүү саясат институту 2013-жылдын жазында коррупциялык кылмыштардын жалпы саны тууралуу статистиканы келтирүү туура болбой калаары жөнүндө ММКга жана Башкы прокуратурага кат жазган. Аны менен бирге биз башкы прокурорго төмөнкүлөрдү жазганбыз:

«АКИpress сайтында жарыяланган маалыматка ылайык, “2013-жылы прокуратура органдарынын ишинин жыйынтыгы боюнча, Кыргызстанда коррупциялык кылмыштардын көпчүлүгү айыл өкмөтүндө аныкталган – 294 кылмыш. Экинчи орунда Коргоо министрлиги, мэриялар жана акимиаттар – 79 кылмыш, үчүнчү орунда билим берүү чөйрөсү – 74 кылмыш...” ж.б.у.с. Коррупциялык кылмыштардын саны тууралуу статистикалык маалыматтардын ушул өңдүү баяндалышы коомду жана өлкөнү башкарган жогорку органдарын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары (айыл өкмөтү) башкаруу системасынын эң коррупцияланган бөлүгү деп эсептөөгө түртөт.

Биздин баамыбызда, статистикалык маалыматтардын ушинтип баяндалышы бул маселе боюнча тең салмактуу маалыматты бербейт, мамлекеттик органдардын жана ЖӨБ органдарынын мыйзамдуулукту сактоо чөйрөсүндө болуп жаткан кырдаалды толук чагылдырбайт. Мамлекеттик органдардын жана ЖӨБ органдарынын коррупцияланган деңгээли тууралуу прокуратура органдарынын тыянагы абсолюттук санга негизделген. Бирок алар бул органдардын жалпы санын эсепке алган жок, салыштырмалуу туюнтмасында – коррупциялык кылмыштардын бир органга туура келген саны тууралуу кырдаалды бербейт (салыштыра келсек, кайсы өлкө бай болгонун түшүнүү үчүн ИДӨнү адатта калктын жан башына ченешет).

Мындан улам коррупциялык мүнөздөгү аныкталган кылмыштар боюнча айыл өкмөтү алдыңкы орунда болгону тууралуу прокуратура органдарынын анализинин жыйынтыгы коомго башкаруу органдарынын ар кайсы типтериндеги коррупциянын деңгээли тууралуу жаңылыш маалыматты берүүдө.


2013-жылы Сиздин Жогорку Кеңештеги кеңири статистиканы камтыган баяндамаңыз өзгөчө элеттик ЖӨБ органдарына карата сындардын жана айыптоолордун чоң толкунун пайда кылды. ММКнын көмөгү менен коомдо айыл өкмөтүндө мамлекетке жана калкка эң көп зыян келтирген, толугу менен коррупцияга баткан адамдар отурат деген түшүнүк калыптанып калды. Бир органга туура келген кылмыштардын үлүшүн көңүлгө алганда бул акыйкатсыз. ӨСИ бул маалыматтарды тең салмактуу анализ жасаганга аракет кылбастан эле жайылтып жиберген ММКнын дарегине сын менен чыкты1. 2014-жылы кырдаал балким кайталанышы мүмкүн.

Буга байланыштуу биздин уюм Сизге кайрылып, экинчи жыл катары менен башкаруу системасынын эң коррупцияланган бөлүгү деп аталып келаткан муниципалдык кызматчылардын 15 миңдик корпусунун басымдуу бөлүгүнүн жакшы атын коргоп калууну өтүнөт. Биз Сизден статистикалык маалыматтарды баяндоонун жогоруда белгиленген өзгөчөлүктөрүн көңүлгө алып, статистиканы мындан ары берүүдө салыштырмалуу маанисинде – бир органга туура келген кылмыштардын санын кошуп, мамлекеттик органдар жана ЖӨБ органдары жасаган кылмыштарга дагы деталдуу анализ жүргүзүү мүмкүнчүлүгүн караштырууну өтүнөбүз”.

2014-жылы Башкы прокуратура биздин сунуштарыбызга кулак төшөп, Кыргызстандын тарыхында биринчи жолу коррупциялык кылмыштардын саны тууралуу салыштырмалуу маалыматтарды келтиргенине абдан кубанычтабыз. Натыйжада ЖӨБ органдары эң коррупциялангандардын катарында болбой калганы менен биз чын жүрөктөн куттуктайбыз!

1 http://www.vb.kg/doc/237815_nadejda_dobrecova:_jyrnalisty_nespravedlivo_obviniaut_mestnoe_samoypravlenie.html

***100 кызматтык адамга эсептөөдө коррупциялык кылмыштардын саны***





# 2015-жылдын бюджети тууралуу: кооптонуу жана үмүт менен

**Лариса ЛИ**

**Кийинки жылдын бюджети кеңири катмарга белгилүү болду. Бирок азырынча талкуулар Жогорку Кеңеште гана жүрүүдө. Жакында эле ал жакта бюджет жана финансы боюнча комитет уюштурган алгачкы парламенттик угуулар өттү. Белгилей кетчү жагдай, мурдагы жылдардан айырмаланып, бул жолкусунда өлкөнүн башкы финансылык документин даярдоодо өкмөттүн иши тууралуу маалымат адаттагыдан айырмаланып аз болду: бюджетке кандай сандар киргизилген? Бул эмнеге байланыштуу болду? Белгисиз.**

**Ошондуктан "Муниципалитет" журналынын окурмандарын 2015-жылдын бюджетинин өзөгүн түзгөн негизги макроэкономикалык көрсөткүчтөрү менен тааныштырып коюуну эп көрдүк.**

Эмесе, алардын ичинен эң маанилүүсү – ушул мезгилде товарлардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн улуттук өндүрүшүнүн масштабдарын чагылдырган ички дүң өнүмүнүн (ИДӨ) көлөмү 443 миллиард сомдун тегерегиндеги суммада болжолдонууда. Калктын жан башына ИДӨ – 78,1 миң сом. Ушул жылы 8,7% деңгээлинде болжолдонуп жаткан инфляциянын деңгээлине байланыштуу Финансы министрлигиндеги мыйзам долбоорун иштеп чыккандар аягына чейин бир бүтүмгө келе албаган өңдүү. Байгерчиликтин өсүшүнүн дагы бир маанилүү көрсөткүчү – орточо айлык акы – 13 миң 350 сом.

2015-жылы мамлекеттик бюджеттин кирешеси 117 759,8 млн. сом суммасында же ИДӨгө карата 26,6% деңгээлинде пландалууда. Алардын ичинен салыктар – 91 458,7 млн., салыктык эмес түшүүлөр – 15 270,9 млн., гранттар – 11 030,2 млн. сом. Мамлекеттик инвестициялар программасынын гранттарын эсепке алуу менен республикалык бюджеттин жалпы кирешеси 103 млрд. сомдун тегерегинде же ИДӨгө карата 23,2% (2014-жылдын бекитилген бюджети – ИДӨгө карата 23,3%).

Казынага негизги салымды төмөнкүлөр кошот: киреше салыгы, пайдага салык, Кумтөрдөн түшүүлөр, КНС (бюджетке түшкөн бардык салыктардын 40,3% ашыгы), сатуудан алынган салык, акциздик салык жана бажы төлөмдөрү. Салыктык эмес түшүүлөрдөн олуттуу ролду дивиденддер жана бюджеттик мекемелердин атайын каражаттары ойнойт – дээрлик 61%.

Акыркы маалыматтар боюнча, Финансы министрлиги бюджеттин киреше бөлүгүн бир нече салыктардын жыйымынын өсүш эсебинен 535 млн. сомго көбөйтүүнү өкмөткө сунуштаган Эсептөө палатасынын жүйөлөрүнө макул болду. Ошондуктан бул мыйзам долбооруна бир нече түзөтүүлөр киргизилет шекилдүү.

Өлкө жетекчилиги 2015-жылы Бажы биримдигине кирүү чечимин билдиргенинен улам айрым депутаттар өкмөткө макроэкономикалык көрсөткүчтөрдү кайра карап чыгууну сунушташты. Анткен менен ушул

тапта талкууланып жаткан мыйзам долбоору салык жана бажы мыйзамдарынын чөйрөсүндө сөзсүз боло турган өзгөрүүлөрдү эсепке албастан даярдалды.

Калыптанып калгандай, ЖК комитеттеринде жана палатада өткөн талкуулардын жүрүшүндө “кирешелер” бөлүгүндө да, “чыгашалар” беренелери боюнча да сандар өзгөрүп турат. Бул кадимки практика. Ошентсе да кайра жазып чыгуу менен ашкере алектенүү жакшылыкка алып келбейт.

Айталы, 2015-жылга мамлекеттик бюджеттин чыгашасы 132,4 млрд. сомдон ашык суммага долбоорлонду. Бул болсо ушул жылга салыштырмалуу дээрлик 16 миллиардга көп. Ошону менен бирге республикалык бюджеттин чыгашаларынын жалпы көлөмү 117 386,0 млн. сом деңгээлинде белгиленген (ИДӨгө карата 26,5%). 2015-жылга республикалык бюджеттин тартыштыгы 14 683,3 млн. сомду түзөт, бул болсо ИДӨгө карата 3,3% түзөт. Бул көрсөткүч ушул жылдагыга салыштырмалуу жогору.

Кийинки жылы шайлоо өтөөрүн көңүлгө алганда, парламенттин депутаттары өз округдары үчүн чыгашалардын көбөйтүлүшүнө басым жасашат деп ишенимдүү айтса болот. Буга жыл сайын эле күбө болуп келатабыз деңизчи. Бирок 2015 – өзгөчө жыл!

Эми жергиликтүү бюджеттерге кайрылалы. Алардын саны 484 бирдикке барабар. Алардын ичинде: республикалык маанидеги 2 шаар, облустук маанидеги 12 шаар, райондук маанидеги 17 шаар жана 453 айылдык аймак. Жергиликтүү бюджеттердин жалпы көлөмү 16 660,3 млн. сом көлөмүндө пландалган же 2014-жылга салыштырмалуу 804,9 млн. сомго көбөйдү.

Өткөн парламенттик угууларда бюджетти түзүү боюнча өкмөттүн эң жигердүү каршылаштары жана кеңешчилери болуп адаттагыдай эле республикалык жана жергиликтүү бюджеттердин аткарылышына жүргүзүлгөн мониторинг менен көзөмөлгө кесипкөй мамиле жасаган эксперттер жана коомдук уюмдардын өкүлдөрү чыкты. Өнүктүрүү саясат институтунан мыйзам долбоорунун авторлорунун дарегине эскертүүлөрдү жана сунуштамаларды эксперт Асылбек Чекиров берди. Сиздердин көңүлүңүздөрдү анын докладындагы тезистерге бурабыз. Анткени алар жергиликтүү өнүгүү үчүн принципиалдуу мааниге ээ:

“Жалпысынан мыйзам долбоору биздин өлкөдөгү финансылык борборлоштурууну азайтууну өнүктүрүүдө оң динамиканы чагылдырат. 2012-жылдан 2014-жылга чейин КР Өкмөтү жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын финансылык жактан өз алдынчалуулугун күчтөндүрүүгө жетиштүү көңүл буруп келди. Бул болсо жергиликтүү бюджеттердин өз кирешесинин жылдык өсүшүнө да таасирин тийгизүүдө. Биз жалпы мамлекеттик салыктарды бөлүү үлүшү ырааттуу түрдө өскөнүнө, кирешенин жаңы булактары киргизилип жатканына күбө болдук. Ушул тапта жергиликтүү бюджеттердин трансферттерсиз өз кирешесинде олуттуу өсүш бар – 2012-жылдагы 9 млрд. сомдон 2015-жылы пландалып жаткан 15,1 млрд. сомго чейин.

2013-2017-жылдар мезгилине жергиликтүү өз алдынча башкарууну өнүктүрүү Программасы менен финансылык борборлоштурууну азайтуу боюнча реформаларды улантуу үчүн ырааттуу кадамдар аныкталды жана аларды биз Республикалык бюджет жөнүндө Мыйзамдын долбоорунда бюджеттер аралык мамилелерди өнүктүрүү бөлүгүнөн көргүбүз келет.

“2015-жылга республикалык бюджет жөнүндө” Мыйзам долбоору тууралуу айта турган болсок, төмөнкүлөргө токтолгум келет: 2013-жылы белгиленген жалпы мамлекеттик салыктарды бөлүү үлүшүнүн көбөйүүсү жергиликтүү бюджеттердин, өзгөчө элеттик муниципалитеттердин өнүгүүсүндө оң фактор болгону шексиз жана бул кийинки жылга даярдалган долбоордо да сакталып калды. Ошону менен бирге тобокелчиликтердин тизмесине 2015-жылы күтүлүп жаткан сатуудан алынган салыкты жоюу тобокелчилигин киргизүү ашыкча болбойт.

Жергиликтүү бюджетке 50% түшкөн жер казынасына салыктын (роялтинин) контролдук көрсөткүчтөрүнө көңүлүңүздөрдү бургум келет. Өз убагында Финансы министрлиги аларды жергиликтүү бюджетке өткөрүп берүү демилгеси менен чыгып жатып, ЖӨБ органдары кум, чопо, гравий ж.б. өңдүү жергиликтүү маанидеги жаратылыш ресурстарын башкаруунун натыйжалуулугун арттырат деп күткөн. Аталган ресурстар ушул күнгө чейин компаниялар тарабынан эч көзөмөлсүз иштетилип келет. Ошону менен бирге жергиликтүү бюджетке каражаттардын аз гана бөлүгү түшүп турат. Роялтиден 50% алып турууга кызыкдар болгон ЖӨБ органдары жаратылыш ресурстарынын иштетилишине көзөмөлдү орнотуп, аларды муниципалдык менчикке каттай башташ керек эле.

Бирок роялтини жергиликтүү бюджетке өткөрүп берген чакта “Жер казынасы жөнүндө” Мыйзамдын жаңы редакциясы кабыл алынып калды. Ага ылайык, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жаратылыш ресурстарын башкаруудан, өзгөчө жергиликтүү маанидеги жаратылыш ресурстарын башкаруу жаатында дээрлик четке чыгарылып калды. Бир жагынан бул жаңжалдардын жаңы толкунуна түрткү болсо, экинчи жагынан ЖӨБ органдарынын жергиликтүү жаратылыш ресурстарын башкарууда натыйжалуулугун арттырууга жана роялтиден түшкөн каражаттын өсүшүнө таасир этүү мүмкүнчүлүгүнө бут тосту.

Экономика министрлигинин көңүлүн дагы бир жолу жергиликтүү маанидеги кендерге муниципалдык менчик укугун кайтаруу зарылчылыгына бургум келет. Бул талап ЖӨБны өнүктүрүү Программасына киргизилген, бирок, тилекке каршы, аткарылбай келет”.

Ошондой эле ӨСИнин жергиликтүү өз алдынча башкаруу маселелери боюнча адиси А.Чекиров теңдештирүүчү гранттардын көлөмүн эсептөө системасында жаңыча мамилеге тиешелүү өтө маанилүү маселени көтөрүп чыкты.

– Бул көрсөткүч 1 млрд. 349 млн. сом көлөмүндө аныкталган. Теңдештирүүчү гранттын көлөмүнүн дээрлик 2 эсеге кескин өсүшү 2013-жылы муниципалдык кызматчылардын айлык акысын жогорулатууга байланыштуу болду, - дейт эксперт. – Бюджеттик жетишпестикти теңдөө системасы бюджеттер ара-

лык мамилелер процессинин өзүндө өтө олуттуу мааниге ээ. Реформалардын баштапкы мезгилинде эсептөөнүн учурдагы формуласы бюджеттик системанын жергиликтүү деңгээлде туруктуулугунун фактору катары өзүнүн оң ролун ойноду. Эсептөө методикасы өткөөл мезгилде элеттик муниципалитеттерде кырдаалдын начарлап кетүүсүнө жол берген жок. Бирок акыркы жылдар күбө болуп келаткан финансылык борборлоштурууну азайтуу боюнча реформаны алга жылдыруу теңдештирүүчү гранттардын көлөмүн эсептөө системасына да жаңыча мамиле жасоону талап кылат.

Асылбек Чекировдун айтымында, ошол эле кезде жергиликтүү бюджеттердин киреше потенциалын күчтөндүрүү шарттуу "жакыр" жана "бакубат" муниципалитетттер ортосундагы ажырымдын көбөйүүсүнө көмөктөшкөн. Реформа "бакубат" делгендерге караганда "жакыр" делгендерге бир кыйла аз таасирин тийгизет. Ошону менен бирге учурдагы теңдөө системасы ЖӨБ органдарын өз кирешелерин көбөйтүүгө түртпөйт. Ошондуктан эксперт атүгүл эң жакыр муниципалитеттер да каражат табууга жана өз аймактарын өнүктүрүүгө кызыкдар болгудай кылып, теңдештирүүчү гранттын көлөмүн эсептөө формуласын өзгөртүү зарылчылыгы курч турганын айтат. Буга байланыштуу эксперт жок дегенде 2016-жылдын бюджетине жаңыланган формула боюнча эсептелген теңдештирүүчү гранттын көлөмүн киргизүү үчүн бул маселени талкуулай баштоо сунушу менен Финансы министрлигине кайрылды.

Асылбек Чекиров көңүлүн бурган дагы бир маанилүү маселе – жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана жергиликтүү жамааттардын демилгелерин ишке ашыруунун аспабы катары чоң мааниге ээ болгон дем берүүчү гранттар. 2015-жылга алардын көлөмү 400 млн. сом болуп аныкталды. Бул өзгөчө өнүктүрүү бюджети жана капиталдык салымдары болбогон жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына олуттуу колдоо болуп эсептелет.

"Ошону менен бирге дем берүүчү гранттарды бөлүштүрүүнүн учурдагы схемасы аларды колдонууда натыйжалуулукту толук өлчөмдө камсыздай албай келет. Ушул тапта Жергиликтүү өз алдынча башкарууну өнүктүрүү Программасын, коррупция тобокелчилигин азайтуу боюнча Коргоо кеңешинин сунуштарын ишке ашыруунун алкагында Финансы министрлиги дем берүүчү гранттар боюнча жаңы жобонун долбоорун иштеп чыкты. Ал көйгөйлүү маселелерди бир кыйла азайтат, - деп айтты Чекиров парламенттин трибунасынан сүйлөп жатып. – Дем берүүчү гранттарды бөлүштүрүү укугун катаал критерийлерге негизделген сынактык жол-жоболор аркылуу райондук деңгээлге өткөрүп берүү пландалууда. Биринчи жолу долбоордук сунуштарды даярдоо тепкичинен тарта объектти колдонууга кабыл алганга чейин ЖӨБ органдарынын аракеттери баскыч-баскычы менен аныкталды. Буга байланыштуу өкмөткө, Финансы министрлигине аталган токтомду кабыл алууну тездетсе жана 2015-жылы эле жаңы схема боюнча дем берүүчү гранттарды бөлүштүрө баштаса деген каалоом бар".

Белгилей кетиш керек, ӨСИ адистеринин дайыма предметтик мүнөзгө ээ болгон сынчыл эскертүүлөрүнө, сунуштамаларына жана сунуштарына бардык деңгээлдеги бийлик кулак төшөп келет. Бул жолу да Асылбек Чекировдун аналитикалык серебин финансисттер жана бюджет боюнча адистер түшүндү. Мисалы, кылдат көңүл бурууну талап кылган салыктык эмес кирешелер тууралуу маселени алалы.

– Жергиликтүү бюджеттердин киреше бөлүгүнүн долбоорунда жергиликтүү маанидеги инфраструктураны өнүктүрүүгө жана күтүүгө чегерүүлөр боюнча болжолдуу көрсөткүчтөр эсепке алынды, - деп билдирди эксперт. – Бирок 2014-жылы топтолгон каражаттар аймактык өнүктүрүү фонддору тууралуу жобонун болбогонунан улам ушул күнгө чейин колдонулбай келет. Мыйзамдарды бузуу менен акча ЖӨБ органдарынын эсептерине жиберилүүдө, эгерде алар ошол каражаттарды колдонсо, Мыйзамды бузган болушат. Ушул мезгилге чейин кырдаал жөнгө салынган эмес жана бул каражаттар муниципалитеттерди өнүктүрүүгө катыша албай жатат.

Ошондой эле жайыт билеттерин сатуудан түшкөн жыйымдарга да көңүл бургубуз келет. "Жайыттар жөнүндө" Мыйзам бул каражаттардын бөлүгүн жергиликтүү бюджеттерге которуу мүмкүнчүлүгүн караштырат. Ошол эле маалда "Салыктык эмес төлөмдөр жөнүндө" Мыйзам да, бюджеттик классификациянын форматы да аларды жергиликтүү бюджетке киргизүү мүмкүнчүлүгүн караштырган эмес. Ошентип мамлекеттик жайыттарды иштетүүдөн түшкөн акча аймактык коомдук өз алдынча башкаруу катары каттоо формасына ээ болгон уюмдардын эсептеринде топтолууда. Албетте бул чөйрөдөгү реформаларды колдоо зарыл, бирок жайыттарды иштетүүдөн түшкөн каражат өзгөчө чоң аянтка ээ болгон аймактардын жергиликтүү бюджетинин кирешесинин олуттуу булагы боло аларын түшүнүү керек. Жалпысынан салыктык эмес кирешелер чөйрөсүндөгү саясатты өркүндөтүү боюнча маселе дыкат көңүл бурууну талап кылат. Анткени мампошлина, административдик жазапулдарды колдонуу жана чегерүү ж.б. боюнча чечилбей жаткан маселелер көп.

Убакыт тар болгонуна карабастан догоруда көтөрүлгөн көйгөйлөр кошумча талкууларды талап кылат. Анткени бюджет кымкуутту жана шашмалыкты көтөрө албайт. Анын үстүнө Дүйнөлүк валюта фонду, Азия өнүктүрүү банкы өңдүү уюмдардын бардык дүйнөлүк аналитикалык борборлору 2015-жыл кыргызстандык экономика үчүн сыноосу көп оор жыл болоорун айтып жатышат. Ыргагы басаңдай турган ИДӨнүн өсүшү, инфляциянын деңгээли боюнча божомолдор да көңүл жылытпайт.

Жакында эле Бишкекте дарс окуган Дүйнөлүк валюта фондунун Жакынкы Чыгыш жана Борбор Азия өлкөлөрүнүн Департамент башчысынын орун басары Юха Кяхкенен "келечекте жакшы жаңылыктарды күтпөгүлө" деп жымсалдабай эле түз айтты. Экономикалык кризис курчуган чакта республика жетиштүү резервдерге ээ болбогондуктан ал өкмөткө бюджет таңсыктыгын көбөйтпөөнү, чыгашаларды азайтууну сунуштады. M



# Пайдалуу кендер ЖӨБнын бюджетин толуктоонун булагы катары

**Назира ТЮЛЮНДИЕВА**,
ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун бюджеттер аралык мамилелер боюнча адиси

Пайдалуу казындылардын кендери бар райондор жергиликтүү да, чет өлкөлүк да инвесторлордун кызыгуусун жаратып, алар кендерди изилдөөгө жана иштетүүгө ынтызар. Анткен менен көптөгөн кендерде инвесторлордун пайдалуу казындыларды геологиялык чалгындоого, иштетүүгө (казып алууга) багытталган аракеттерине жергиликтүү тургундар каршы чыгып келишет.

2012-жылы жана 2013-жылдын биринчи жарымында Кыргыз Республикасынын Өкмөтү жер казынасы пайдалануу чөйрөсүн жөнгө салган ченемдик-укуктук базага олуттуу өзгөртүүлөрдү киргизди. Жаңы тартип мамлекет колдонгон жөнгө салчу механизмдерге да, бул чөйрөдө иш алып барган ишкерлерге салык салуунун эрежелерине да тийиштүү болду.

Биринчи кезекте “Жер казынасы жөнүндө” жаңы Мыйзамдын кабыл алынганын белгилей кетүү керек. Ошондой эле Салык кодексине, Жер кодексине, “Салыктык эмес төлөмдөр жөнүндө” КР Мыйзамына өзгөртүүлөр киргизилди. Бул өзгөртүүлөрдүн баары түпкүлүгүндө жер казынасын пайдалануунун ачык жана айкын системасын камсыздоо, жергиликтүү бюджеттерге милдеттүү чегерүүлөрдүн жаңы түрлөрүн киргизүү максатын көздөйт. Мыйзамдарды жана мыйзам алдындагы акттарды жөнгө салган жана аларды өнүктүргөн онго жакын түрдүү жоболор кабыл алынган.

2012-жылдын 9-августундагы №160 “Жер казынасы жөнүндө” КР Мыйзамы жер казынасын пайдалануу чөйрөсүн реформалоо максатындагы мыйзам долбоорлордун биринчи пакетине кирет. Лицензияны кармоо үчүн жергиликтүү бюджеттерге түшкөн акыны киргизүү мыйзамдагы негизги жаңылыктардын катарында турат.

Ушул басылмада объекттер жана субъекттер, салык салынчу база, салыктык жана салыктык эмес төлөмдөрдүн коюмдары, төлөө мөөнөттөрү, анын тартиби жана башка маселелер тууралуу сөз болот. Мыйзамдагы нормалар аларды эсептөөнүн практикалык мисалдарынын жардамы менен конкреттештирилет.

2012-жылы инвесторлордун ишине карата жергиликтүү калктын кызыгуусун арттыруу үчүн милдеттүү төлөмдүн дагы бир жаңы түрү киргизилген. Аны жер казынасын пайдалануучу пайдалуу кендерди иштетүүдөн алынган кирешеден 2 пайыз көлөмүндө жергиликтүү маанидеги инфраструктураны өнүктүрүүгө жана күтүүгө жиберет. Андан кийин салык салынган пайдалуу казындылардын ичинен курулуш материалдары катары колдонулгандар, ошондой эле көмүр, минералдык жана термалдык суулар чыгарылып салынган.

Лицензияны кармоо үчүн төлөмдөрдөн түшкөн каражат 2013-жылы 129 млн. сомду түзгөн. Инфраструктураны өнүктүрүүгө жана күтүүгө чегеримдер жергиликтүү бюджетти 105 млн. сомго толуктады. “Айрым айыл өкмөттөр өз бюджеттерине салыштырмалуу 2-2,5 эсе көп каражат алышты”, - деп маалымдады экономика министри Темир Сариев.

## Жер казынасын пайдаланган үчүн салык (роялти)

КР Салык кодексине ылайык жер казынасын пайдаланганы үчүн салыктар төмөнкүлөрдү камтыйт:

1) бонустар – пайдалуу кен чыккан жерлерди геологиялык чалгындоо жана иштетүү максатында жер казынасын пайдалануу укугу үчүн бир жолку төлөмдөр;

2) роялти – иштетүү максатында жер казынасын пайдаланганы үчүн учурдук төлөмдөр;

“Республикалык бюджет жөнүндө” Мыйзамга ылайык, 2012-жылдан тарта жергиликтүү бюджеттердин киреше бөлүгүнүн курамына алтын, мунай жана газ кендерин кошпогондо, жер казынасын пайдаланганы үчүн салыктын бир түрү болгон роялтинин 50% кошулган. Жергиликтүү бюджеттин киреше базасын ушул жаңы нерсенин эсебинен кеңейтүүгө төмөнкүдөй зарылдык негиз болуп берди:

- ЖӨБО жарандарга көрсөткөн кызматтардын сапатын жакшыртуу мүмкүнчүлүгүн камсыздоо жана социалдык-экономикалык маселелерди чечүү үчүн жергиликтүү бюджеттердин киреше потенциалын күчтөндүрүү зарылчылыгы;

- коомдук ынтымакты орнотуу жана кен казуучу компаниялардын туруктуу ишин камсыздоо үчүн минералдык ресурстарды иштеп чыгуу боюнча жергиликтүү калк, ЖӨБ органдары жана бизнес-структуралар ортосундагы өнөктөштүктүн деңгээлин жогорулатуу зарылчылыгы;

- кен казуу тармактарына инвестицияларды тартуу үчүн шарттарды түзүү боюнча ЖӨБОго дем берүү зарылчылыгы.

Роялти салыгын төлөөчү болуп ата мекендик уюм, Кыргыз Республикасында туруктуу уюм аркылуу иш жүргүзүүчү чет өлкөлүк уюм, ошондой эле жеке ишкер эсептелет. Алар төмөнкү иштерди жүргүзөт:

1) пайдалуу казындылардын кендерин иштетүү (казып алуу);

2) жер астындагы сууларды алуу (жер казынасынан алууну);

3) көмүртек кендерин издөөдө жана чалгындоодо тажрыйбалык сыноолор процессинде мунайды жана газды кошумча түрдө алуу;

4) тажрыйбалык-өнөр жайлык сыноо жана/же өзгөчө кырдаалдарды болтурбоо же жоюу максатында пайдалуу кендерди бир жолку казып алуу.

Пайдалуу казындыларды жер казынасынан алуу максатындагы жер казынасын пайдалануу укугу роялти салыгын салуу объекти болуп саналат.

Роялти салыгынын базасы төмөнкүлөр болот:

1) пайдалуу казындыларды, же пайдалуу казындыларды иштетүүдөн алынган продукцияны сатуудан түшкөн акча, КНСти жана сатуудан алынуучу салыкты эсепке албастан;

2) сатылган продукциянын көлөмү натуралай өлчөмүндө;

3) жер астынан алынган суунун өлчөгүч менен ченелген көлөмү - суу менен камсыздоочу атайын уюмдардан башка роялти салыгын төлөөчүлөр үчүн.

Роялтинин коюму сатылган продукциянын көлөмүнөн, алынган суунун натуралай көлөмдөрүнө жараша төмөнкүдөй өлчөмдөрдө белгиленет: табл. 1.

Роялтинин коюму төмөнкүлөрдү сатуудан түшкөн акчадан белгиленет:

1) запастарынын өсүшүн эске алуу менен алтынга, күмүшкө жана платинага:

а) 10 тоннадан ашуун запастары бар кендер үчүн – 5 пайыз;

б) 3төн 10 тоннага чейин запастары бар кендер үчүн - 3 пайыз;

***Таблица 1***

| Пайдалуу кендер | Бирдик | Салык салуунун коюму, сом. |
|---|---|---|
| Ичүүчү сууларды куюштуруу үчүн минералдык жана тузсуз суулар | куб. м | 200 |
| Бальнеологиялык дарылоо үчүн минералдык жана термалдык суулар | куб. м | 0,05 |
| Жылытуу үчүн термалдык суулар | куб. м | 0,12 |
| Ичүүчү тузсуз суулар | куб. м | 0,15 |
| Техникалык тузсуз суулар | куб. м | 0,10 |
| Айыл чарба өндүрүшү үчүн тузсуз суулар | куб. м | 0,01 |

в) 3 тоннадан аз запастары бар кендер үчүн - 1 пайыз;

2) суу менен камсыздоочу адистешкен уюмдар үчүн - 5 пайыз өлчөмүндө;

3) гипске – 6 пайыз өлчөмүндө;

4) бетин каптачу материалдарды өндүрүү үчүн табигый таштарга – 12 пайыз өлчөмүндө;

5) таш көмүргө, күрөң көмүргө – 1 пайыз өлчөмүндө.

Мыйзамда каралбаган ишке ашырылган пайдалуу кендерге жана аларды иштеткенден чыккан продукттарга роялтинин коюму сатуудан түшкөн пайдадан 3 пайыз көлөмүндө белгиленген.

Роялтинин салыктык мезгили бир календарлык ай болот. Салык төлөөчү отчеттук айдан кийинки айдын 20-күнүнө чейин отчет берүүгө жана роялти төлөөгө каттоодон өткөн жери боюнча милдеттүү. Салыктын бул түрү боюнча божомолдоо усулу сатуудан түшкөн акчанын өлчөмүнүн көрсөткүчүнө негизделиш керек. ЖӨБ органдарынын, Мамлекеттик салык кызматынын (МСК) жана статистика органдарынын шериктештиги жана өз ара пайдалуу кызматташтыгы төмөнкү тапшырмаларды аткарууга көмөктөшүүш керек:

- сатылган продукциянын өлчөмү тууралуу объективдүү негизделген маалымат менен алмашуу;
- салык инспекторлоруна кен казуучу ишканалардын иштетүүдөн алынган продукциянын өлчөмү тууралуу маалыматты суратып алуу боюнча ыйгарым укуктарды берүү;
- ЖӨБО салык инспекторлоруна жеринде текшерүү функциясын өткөрүп берүү мүмкүнчүлүгү;

Салыктын бул түрүн чогултуунун натыйжалуулугу төмөнкү факторлордон көз каранды болот:

- МСК менен өнөктөштүктө минералдык ресурстарды казууну ишке ашырган ишканаларды эсепке алуу;
- салыктын бул түрү боюнча кирешени божомолдоо үчүн маалымат алуу (иштетүүнүн көлөмү, казып алуунун көлөмү);
- аяктаган мезгил үчүн роялтинин төлөнгөн суммалары боюнча МСКдан маалымат алуу;
- жергиликтүү бюджетке роялтинин 50% чегерүү боюнча Казыналыктан маалымат алуу;
- салыктын бул түрү боюнча кирешелердин божомолун аткарууга мониторинг жүргүзүү;
- кен казуучу ишканага иштетүүнүн көлөмү боюнча болжолдонгон көрсөткүчтөргө жетүү үчүн өз ишин жакшыртууда көмөктөшүү.

### Роялтини эсептөөнүн мисалдары

1-мисал. Айылдык аймактын аймагында кум казып алынган карьер бар. Иштетүүнүн көлөмү суткасына 50 т түзөт, кумдун баасы – тоннасына 200 сом. Карьер жылына 250 күн иштейт. Жергиликтүү бюджетке түшүшү керек болгон роялти салыгынын көлөмүн эсептеп чыгыңыз.

Эсеби. 50 т * 200 сом * 250 күн = 2 500 000 сом (иштетүүдөн түшкөн жылдык каражат)

Кум боюнча роялтинин коюму – 3%. Ошентип роялтиден түшкөн акча түшкөн каражаттан 3% түзөт, же 2 500 000*3/100 = 75 000 сом болот.

Жергиликтүү бюджеттин роялтиден үлүшү 50% барабар. Роялтиден жалпы кирешени 50% көбөйтөбүз: 75 000*50/100 = 37 500 сом (жергиликтүү бюджетке түшкөн каражаттын суммасы).

2-мисал. Айылдык аймактын аймагында минералдык сууну куюу боюнча цех иштейт. Скважинанын дебети суткасына 20 куб.м түзөт. Жергиликтүү бюджетке түшүшү керек болгон роялтинин көлөмүн эсептеп чыгыңыз.

Эсеби. 20 куб. м/суткасына * 365 күн = 7 300 (жылдык көлөмү)

Минералдык суу үчүн роялтинин коюму – 200 сом/куб.метр. 7 300 *200 = 1 460 000 сом

Жергиликтүү бюджеттин роялтиден үлүшү – 50%, же 1 460 000*50/100 = 730 000 сом

3-мисал. Гравийди казып алуу жылына 30 000 тоннаны түзөт. 1 тонна 320 сомго барабар. Роялтинин коюму – 3%.

Эсеби. 30 000*320*3/100 =288000 сом (роялти боюнча жалпы чегеримдер)

Жергиликтүү бюджеттин роялтиден үлүшү – 50%, же 144 000 жергиликтүү бюджетке түшүп турат

4-мисал. Гранитти иштеп чыгуунун көлөмү жылына 10000 тоннаны түзөт. Баасы: тоннасына 9000 сом. Роялтинин коюму – 12%.

Эсеби. 10000*9000*12/100 = 10800 000 сом (роялти боюнча жалпы чегеримдер)

Жергиликтүү бюджеттин роялтиден үлүшү – 50%, же 5400 000 сом жергиликтүү бюджетке түшүп турат.

## Жергиликтүү маанидеги инфраструктураны өнүктүрүүгө жана күтүүгө чегеримдер

Ченемдик-укуктук база: 1994-жылдын 14-апрелиндеги “Салыктык эмес төлөмдөр жөнүндө” № 1480-XII Мыйзам, (2013-жылдын 17-июлундагы №149 КР Мыйзамынын редакциясына ылайык), 19-3-берене

Катталган жерине карабастан пайдалуу казындылардын кендерин (көмүрдү, сымапты, минералдык жана термалдык сууларды жана курулуш материалдар катары, анын ичинде курулуш материалдарын чыгарууда чийки зат катары колдонулуучу пайдалуу кендерди кошпогондо) иштеткен (казып алган) жана пайдалуу кендердин табылган жери боюнча облустардын, райондордун өнүктүрүү фонддоруна жана тиешелүү жергиликтүү бюджеттерге чегеримдерди жүргүзүүчү жеке же юридикалык жак жергиликтүү

маанидеги инфраструктураны өнүктүрүүгө жана күтүүгө чегерүүлөрдүн төлөөчүсү болуп саналат.

Жергиликтүү маанидеги инфраструктураны өнүктүрүүгө жана күтүүгө чегерүүлөр облустардын, райондордун өнүктүрүү фонддоруна жана тиешелүү жергиликтүү бюджеттерге пайдалуу кендерди сатуудан түшкөн кыйыр салыктарды эсепке албастан, 2 пайыз өлчөмүндө, отчеттук айдан кийинки айдын 20сына чейин төлөнөт.

Эгерде субъект казылып алынган пайдалуу кендерди кайра иштетүүнү жана алардан продукция чыгарууну өз алдынча жүзөгө ашырса, жергиликтүү маанидеги инфраструктураларды өнүктүрүү жана күтүү үчүн чегерүүлөр аларды кайра иштетүү менен байланышкан чыгымдарды чыгарып салуу менен пайдалуу кендерди сатуудан түшкөн акчанын иш жүзүндөгү көлөмүнөн жүзөгө ашырылат.

Эгерде кен чыккан жер ар башка райондорго кирген эки же андан ашык айылдык аймактардын аймагында жайгашкан учурда, төлөөчү эсептик каттоодон өтүүнү ар бир райондун салык органында жүзөгө ашырат, чегерүүнүн суммасы ошол же башка райондо жайгашкан ээленген аянтка пропорциялуу төлөнөт. Токой фондунун жерлеринин же запастагы жерлердин аймактарында жайгашкан пайдалуу кендерди сатуудан чегерилүүчү жергиликтүү маанидеги инфраструктураны өнүктүрүүгө жана күтүүгө арналган каражаттар толук көлөмдө районду өнүктүрүү фондунун эсебине жиберилет.

КР Өкмөтү тарабынан бекитилүүчү тизмекке ылайык, алтындын запасы 50 тоннадан ашыкты түзгөн жалпы мамлекеттик маанидеги кен чыккан жерлер боюнча чегерүүлөр төмөнкүдөй тартипте жүргүзүлөт:

- 50 пайызы облусту өнүктүрүү фондуна;
- 30 пайызы районду өнүктүрүү фондуна;
- 20 пайызы пайдалуу кендердин чыккан жери боюнча тиешелүү жергиликтүү бюджеттердин эсебине.

Алтындын запасы 50 тоннадан азды түзгөн жалпы мамлекеттик маанидеги кен чыккан жерлер боюнча чегерүүлөр төмөнкүдөй тартипте жүргүзүлөт:

- 80 пайызы районду өнүктүрүү фондуна;
- 20 пайызы пайдалуу кендердин чыккан жери боюнча тиешелүү жергиликтүү бюджеттердин эсебине.

Жалпы мамлекеттик маанидеги кен чыккан жерлердин тизмегине киргизилген алтындан тышкары башка пайдалуу кендер чыккан жерлер боюнча чегерүүлөр төмөнкүдөй тартипте жүргүзүлөт:

- 50 пайызы облусту өнүктүрүү фондуна;
- 30 пайызы районду өнүктүрүү фондуна;
- 20 пайызы пайдалуу кендердин чыккан жери боюнча тиешелүү жергиликтүү бюджеттердин эсебине.

Жалпы мамлекеттик маанидеги кен чыккан жерлердин тизмегине кирбеген алтындан тышкары башка пайдалуу кендер чыккан жерлер боюнча чегерүүлөр төмөнкүдөй тартипте жүргүзүлөт:

- 80 пайызы районду өнүктүрүү фондуна;
- 20 пайызы пайдалуу кендердин чыккан жери боюнча тиешелүү жергиликтүү бюджеттердин эсебине.

Жергиликтүү маанидеги инфраструктураны өнүктүрүүгө жана күтүүгө багытталган каражаттарды башка максаттарга колдонууга жол берилбейт.

Региондорду өнүктүрүү фондунун каражаттарын максатсыз пайдаланууга күнөөлүү адамдар Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жоопкерчилик тартышат.

### Жергиликтүү маанидеги инфраструктураны өнүктүрүүгө жана күтүүгө чегерүүлөрдү эсептөөнүн мисалдары

**1-мисал. 2014-жылга инфраструктурага чегерүүлөрдү (2%) эсептөө.**

| | |
|---|---|
| Ишкананын аталышы | |
| Жер казынасын пайдалануу объектинин аталышы | |
| Пайдалуу кендин түрү | жез |
| Жер казынасын пайдалануунун түрү | казып алуу |
| КНСти жана сатуудан алынган салыкты (САС) кошкондо продукцияны ишке ашыруудан айына түшкөн каражат | 1 340 000 сом |

Эсеби. КНСти (12%) жана САСты (2%) кошпогондо түшкөн каражат: 1 340 000 *100/114=1 175 438,59 сом. Инфраструктурага чегерүүлөрдүн (2%) жалпы суммасы: 1 175 438,59*2/100=23508,77 сом. Жергиликтүү бюджетке түшкөн каражат (20%) төмөнкүдөй болот: 23508,77*20/100=4701,75 сом. Жылына жергиликтүү бюджетке чегерүүлөрдүн суммасы 56421,5 сомго барабар.

## Жер казынасын пайдалануу укугуна лицензияны кармоо үчүн төлөм

Ченемдик-укуктук база:

- 1994-жылдын 14-апрелиндеги № 1480-XII “Салыктык эмес төлөмдөр жөнүндө” Мыйзам
- КР Өкмөтүнүн 2012-жылдын 14-декабрындагы №834 Токтому

Жер казынасын пайдалануу укугуна лицензияны кармоо үчүн төлөмдөрдү Кыргыз Республикасында пайдалуу казындылардын кендерин издөөгө жана/же чалгындоого, жана/же иштетүүгө укук алган жер казынасын пайдалануучулар төлөөгө тийиш.

Төлөмдөрдү эсептөө объектиси болуп жер казынасын пайдалануучунун белгилүү бир аймактагы жер казынасын пайдалануу укугу саналат.

Пайдалуу казындылардын кендерин издөөдө жана/же чалгындоодо жана/же иштетүүдө төлөмдөрдү эсептөө үчүн база болуп лицензиялык аянттын өлчөмү саналат.

Жер казынасын пайдалануучу лицензиялык

аянтты кыскартуу укугуна ээ. Жер казынасын пайдаланууга карата мамлекеттик саясатты ишке ашыруу боюнча ыйгарым укуктуу орган тарабынан кыскартылуучу аянтта аткарылган иш жөнүндө жылдык отчёт кабыл алынгандан кийин, бузулган жерлерди рекультивациялоодон кийин аянтты кыскартуу жылына бир жолу жүргүзүлүшү мүмкүн.

Пайдалуу казындылардын кендерин издөө максатында жер казынасын пайдалануу укугуна лицензияны кармоо үчүн төлөм жылына лицензиялык аянттын квадрат километри үчүн бир эсептик көрсөткүчүнө эселенип белгиленет. Пайдалуу казындылардын кендерин издөө максатында жер казынасын пайдалануу укугуна лицензиялык аянтты эсептөө үчүн коюмдун өлчөмү 1-тиркемеде келтирилген.

Пайдалуу казындылардын кендерин чалгындоо максатында жер казынасын пайдалануу укугуна лицензияны кармоо үчүн төлөм жылына лицензиялык аянттын гектары үчүн бир эсептик көрсөткүчкө эселенип белгиленет. Пайдалуу казындылардын кендерин чалгындоо максатында жер казынасын пайдалануу укугуна лицензиялык аянтты эсептөө үчүн коюмдун өлчөмү 2-тиркемеде келтирилген.

Пайдалуу казындылардын кендерин иштетүүгө лицензияны кармоо үчүн төлөм жылына лицензиялык аянттын гектары үчүн бир эсептик көрсөткүчкө эселенип белгиленет. Пайдалуу казындылардын кендерин иштетүү укугуна лицензиялык аянтты эсептөө үчүн коюмдун өлчөмү 3-тиркемеде келтирилген.

### Лицензияны кармоо үчүн чегеримдерди төлөө мөөнөтү

Жер казынасын пайдалануу укугуна лицензия алган лицензиат лицензия алган күндөн тартып 30 календардык күндүн аралыгында жер казынасын пайдалануу укугуна лицензияны колдонуунун биринчи жылы үчүн төлөмдү төлөшү керек.

Андан ары төлөмдү төлөө квартал сайын жүргүзүлөт. Бир жыл үчүн төлөмдөрдүн жалпы өлчөмү айлар боюнча пропорциялуу бөлүштүрүлөт жана лицензиат отчёттук кварталдан кийинки айдын 20сынан кечиктирбестен төлөм төлөп турат.

### Каражаттар кайда түшөт?

Төлөм төлөө тикелей жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын бюджетине жүргүзүлөт. Мында лицензиялык аянт бир нече административдик-аймактык бирдиктин аймагында жайгашса, төлөм төлөө аталган тигил же бул административдик-аймактык бирдиктин аймагында жайгашкан аймакка пропорциялуу ар бир жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын эсебине жүргүзүлөт.

### Төлөбөй коюунун кесепеттери

Төлөм 30 календардык күндөн ашык мөөнөткө чейин төлөнбөсө, "Жер казынасы жөнүндө" КР Мыйзамына ылайык, жер казынасын пайдалануучунун лицензиясын жокко чыгаруу үчүн негиз болуп саналат.

### Жер казынасын пайдалануучунун милдеттенмелери

Жер казынасын пайдалануучу квартал сайын жер казынасын пайдаланууга карата мамлекеттик саясатты ишке ашыруу боюнча мамлекеттик органга төлөнгөндүгүн ырастаган документтердин көчүрмөсүн тиркөө менен төлөмдүн төлөнгөндүгү жөнүндө маалыматты берет. Төлөмдү төлөө жөнүндө маалыматты бербөө, төлөмдү төлөбөгөн катары кабыл алынат.

### Төлөмдөрдү токтотуу

Лицензияны кармоо үчүн төлөмдөрдү төлөө төмөнкү учурларда токтотулат: лицензия жокко чыгарылган айдан кийинки айдан тартып, жер казынасын пайдалануу укугу токтотулса (лицензия жокко чыгарылса); пайдалуу казындыларды казып алуу башталган учурдан тартып, кен казуу иштеринин макулдашылган Планында белгиленген пайдалуу казындыларды казып алуунун жылдык көлөмүн 100 пайыз аткаруу шартында. Пайдалуу казындыларды казып алуунун жылдык көлөмү толук эмес аткарылган учурда лицензиат төлөмдү тиешелүү жыл үчүн казуу иштеринин аткарылбай калган көлөмүнө пропорционалдуу болгон суммада төлөөгө милдеттүү. Лицензиянын жарактуулугун токтото туруу төлөмдү эсептөөнү жана төлөөнү токтото туруу үчүн негиз болуп саналбайт. Эгер лицензиянын жарактуулугун токтото туруу соттун чечими боюнча мыйзамсыз деп табылса, лицензия токтотулуп турган мезгилде төлөнгөн төлөмдүн суммасы лицензиатка кайтарып берилүүгө тийиш, же алдыдагы төлөмдөрдүн эсебине чегерилиши керек.

### Чегеримдерди башкаруу процессине кайсы органдар тартылган?

Төлөмдү эсептөөнү жер казынасын пайдалануу боюнча мамлекеттик саясатты ишке ашыруу боюнча мамлекеттик орган жүргүзөт жана лицензиялык аянттын жайгашкан орду боюнча салык органына берүүсү үчүн жер казынасын пайдалануучуга берилет. Жер казынасын пайдалануучуга лицензия менен кошо төлөмдүн эсеби берилет. Төлөмдүн бюджетке туура жана өз убагында төлөнүшүн контролдоону Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык салык органдары ишке ашырат.

### Жер казынасын пайдалануу укугуна лицензияны кармоо үчүн төлөмдөрдүн мисалдары

**1-мисал. 2014-жылга лицензияны кармоо үчүн төлөмдү эсептөө (чалгындоо, 1-жыл)**

| | |
|---|---|
| Лицензиянын номери | |
| Лицензия берилген күн | 20.03.2014 |
| Ишкананын аталышы | |
| Жер казынасын пайдалануу объектинин аталышы | |
| Пайдалуу казындынын түрү | Сымап |

| | |
|---|---|
| Жер казынасын пайдалануунун түрү | **ЧАЛГЫНДОО** |
| Аянттын өлчөмү, га | 96 |
| Лицензияны кармоо мөөнөтү | 1-жыл |

Эсеби. Лицензияны кармоо үчүн төлөмдү алуу мезгили – биринчи жыл. 1 га үчүн лицензияны кармоо үчүн коюм (2-тиркемени караңыз) 0,25 МЭКти түзөт. Мыйзамга ылайык, минималдык эсептик көрсөткүч 100 сомго барабар.

Лицензияны кармоо үчүн төлөм алынган мезгил - 2014-жылдын 19-мартынан 2014-жылдын 31-декабрына чейин. Бирок мыйзам боюнча жер казынасын пайдалануу укугуна лицензия алган лицензиат лицензия алган күндөн тарта 30 календардык күндүн ичинде жер казынасын пайдалануу укугуна лицензияны колдонуунун биринчи жылы үчүн төлөмдү төлөшү керек, төлөө мезгили 365 күнгө тең.

| | |
|---|---|
| 2014-жылга лицензияны кармоо үчүн төлөм: | 0,25*100*96=2400 сом |
| Календардык күндөрдүн баары | 365 күн |
| Күнүнө акы | 6,57534247 сом |
| Лицензияны кармоо үчүн төлөмдүн суммасы | 2400 сом |
| Төлөөгө | 2400 сом |

**2-мисал. 2014-жылга лицензияны кармоо үчүн төлөмдү эсептөө (издөө, 7-жыл)**

| | |
|---|---|
| Лицензиянын номери | |
| Лицензия берилген күн | 05.06.2008 |
| Ишкананын аталышы | |
| Жер казынасын пайдалануу объектинин аталышы | |
| Пайдалуу казындынын түрү | Мунай жана газ |
| Жер казынасын пайдалануунун түрү | **ИЗДӨӨ** |
| Аянттын өлчөмү, га | 510,05 |
| Лицензияны кармоо мөөнөтү | 7-жыл |

Эсеби. Лицензияны кармоо үчүн төлөмдү алуу мезгили – жетинчи жыл. 1 га үчүн лицензияны кармоо үчүн коюм (1-тиркемени караңыз) 9 МЭКти түзөт (6+6*0,5=9), анткени пайдалуу кендерди издөөдө төлөнгөн төлөмдүн коюмунун көлөмү 5-жылдан кийинки ар бир кийинки жылга ЛКТ 50% жогорулайт.

Мыйзамга ылайык, минималдык эсептик көрсөткүч 100 сомго барабар.

| | |
|---|---|
| 2014-жылга лицензияны кармоо үчүн төлөм | 9*100*510,05= 459 045 сом |
| Лицензияны кармоо үчүн төлөм алына турган мезгил: 06.06.14 – 31.12.14 | 209 күн |
| Календардык күндөрдүн баары | 365 күн |
| Күнүнө акы | 459 045 /365=1257,66 сом |
| Лицензияны кармоо үчүн төлөмдүн суммасы | 1257,66 *209= 262850,42 сом |
| Төлөөгө (кварталына) | 262850,42/4= 65 712,61 сом |

**3-мисал. 2014-жылга лицензияны кармоо үчүн төлөмдү эсептөө (иштетүү, 7-жыл)**

| | |
|---|---|
| Лицензиянын номери | |
| Лицензия берилген күн | 01.12.2010 |
| Ишкананын аталышы | |
| Жер казынасын пайдалануу объектинин аталышы | |
| Пайдалуу казындынын түрү | кум-гравий аралашмасы |
| Жер казынасын пайдалануунун түрү | **ИШТЕТҮҮ** |
| Аянттын өлчөмү, га | 7 |
| Лицензияны кармоо мөөнөтү | 4-жыл |

Эсеби. Лицензияны кармоо үчүн төлөмдү алуу мезгили – төртүнчү жыл, мезгилдин соңунда – бешинчи жыл. 1 га үчүн лицензияны кармоо үчүн коюм (3-тиркемени караңыз) 8 МЭКти түзөт.

Мыйзамга ылайык, минималдык эсептик көрсөткүч 100 сомго барабар.

| | |
|---|---|
| 2014-жылга лицензияны кармоо үчүн төлөм | 8*100*7= 5600 сом |
| Лицензияны кармоо үчүн төлөм алына турган мезгил: 01.01.14 – 30.11.14 | 334 күн |
| Календардык күндөрдүн баары | 365 күн |
| Күнүнө акы | 15,34 сом |
| Лицензияны кармоо үчүн төлөмдүн суммасы | 5124,38 сом |
| Төлөөгө (1, 2, 3-кварталдар үчүн) | 1281,09 сом |

| | |
|---|---|
| Лицензияны кармоо мөөнөтү | 5-жыл |
| 1 га үчүн лицензияны кармоо үчүн коюм | 9 МРП |
| Минималдык эсептик көрсөткүч | 100 сом |
| 2014-жылга лицензияны кармоо үчүн төлөм | 9*100*7= 6300 сом |
| Лицензияны кармоо үчүн төлөм алына турган мезгил: 01.12.14 – 31.12.14 | 31 күн |
| Календардык күндөрдүн баары | 365 күн |
| Күнүнө акы | 17,26 сом |
| Лицензияны кармоо үчүн төлөмдүн суммасы | 17,26 *31= 535,07 сом |
| БААРЫ болуп жылына төлөөгө | 5124,38 + 535,07 = 5659,45 сом |



M




# Өкмөт отчеттуулукту кыскартууга барды. Баары утушта калды

**Лариса ЛИ**

Кыргызстан постсоветтик мейкиндикте экономика тармагындагы либералдуу мыйзамдары менен дайыма айырмаланып келген. Көпчүлүк эл аралык эксперттер ишкерчиликти өнүктүрүү үчүн бир кыйла жагымдуу салык режимин өзгөчө белгилешчү. Анткен менен кошуналар да үлгүрөп отурган жок, алар да инвестициялык климатты жакшыртуунун үстүнөн иштешүүдө. Колдонуудагы Салык кодексине өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү туралуу мыйзам долбоорун жактырган Өкмөттүн жакында эле жарык көргөн №602 Токтому – бул өлкөдө бизнес жүргүзүүнү жеңилдетүү, демек анын атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн арттыруу боюнча дагы бир демилге. Бардык ишкерлер коомчулугу бийликтин салык отчетторунун санын төрт эсеге кыскартуу чечимин кош колдоп кубаттады.

Азырынча бүгүнкү күндө бардык чарбачыл субъекттер эсепти жүргүзүүнү жана салык боюнча отчетту тапшырууну белгиленген формада жана белгиленген мөөнөттө ишке ашырууга милдеттүү. Бирок ошону менен бирге Салык кодекси менен түрдүү мезгилдүүлүк жана мөөнөттөр аныкталган. Натыйжада чакан компаниялардын бухгалтерлери, эсеп кызматкерлери фискалдык кызматтар үчүн ондогон отчетторду даярдоо менен гана алектенип калды. Бизнесмендердин айтымында, кагаз тегирменине,

ошондой эле райондук инспекцияга ай сайын баш багып турууга кеткен убакыт жана чыгаша оңой эмес.

Мисалы, изилдөөлөр көрсөткөндөй, чакан компаниялар үчүн бул коромжулар тапкан пайданын 5-6 пайызын жоготууга барабар. Ал эми биздин республикада, МСКнын маалыматы боюнча, 2014-жылдын башында чакан жана орто бизнестин салык төлөөчүлөрүнүн саны 363701 бирдикти, ал эми алардын салык түрүндө казынага кошкон салымы жалпы чегеримдерден 80% ашыгын түзгөн. Болжолдуу эсептер жыл сайын ишкерлер бир караганда майдадай көрүнгөн нерсенин айынан эле жүздөгөн миллион сом жоготуп келген жана азыр да жоготууда.

Тармактык коомдук уюмдардын жетекчилери, эксперттер өкмөткө ишкерлер кварталда бир жолу отчет тапшырган Орусия менен Казакстандан үлгү алууну бир нече сунушташкан. Ошону менен бирге бул өлкөлөрдө мезгилдүүлүк салык төлөөчү инспекцияга бир келгенде отчетторду тапшырып, салыктардын көбүн төлөй тургандай белгиленген. Акылга сыярлык жана ыңгайлуу.

Жогорку Кеңештин айрым депутаттары да мындай сунушту колдоого алышкан. Мисалы, бир жыл мурда Дастан Бекешев салык төлөөчүлөрдүн отчеттуулук боюнча милдеттенмелерин кыскартуу жана жөнөкөйлөтүү боюнча мыйзам долбоорун даярдаган, бирок колдоо тапкан эмес. Ал канчалык туура маселе көтөргөнүн убакыт көрсөтүүдө.

Бул көйгөйдү бир нече себептерден улам баары бир чечүү керектиги түшүнүктүү болгон соң муз ордунан козголду. Биринчиден, Бажы биримдигине кирип жатканына байланыштуу Кыргызстан өз мыйзамдарын Биримдикке кирген өлкөлөрдүн мыйзамдары менен үндөштүрүш керек. Экинчиден, мыйзам ченемдик демилгенин башында турган Экономика министрлиги өзүнүн алдына 2017-жылга чейин глобалдык атаандаштык индекси боюнча рейтингди 10 позицияда жакшыртуу өңдүү дымактуу милдетти койду. Бул болсо өз кезегинде салыкты башкарууну жөнөкөйлөтүү жана ишкерлер менен маморгандар үчүн коромжуларды азайтуу маселелери менен тыгыз алектенүүгө милдеттендирет. Үчүнчүдөн, Экономика министрлигинин бажы жана салык саясаты башкармалыгынын жетекчиси Кубан Айдаралиевдин айтымында, биринчи кезекте бизге салыштырмалуу салык боюнча коюмдар төмөн болгон Казакстан менен атаандашуу үчүн жагымдуу бизнес чөйрөсүн түзүшүбүз керек.

- Эгерде биз өзүбүздүн салык төлөөчүлөрүбүз үчүн отчеттуулукту тапшыруу боюнча тең шарттарды түзүп бербесек, анда ишкерлердин кайсы бир бөлүгү кошуна өлкөлөргө иштегени кетет. Анын үстүнө Евразиялык экономикалык биримдиктин түзүлүшү менен Бажы биримдигине кирген мамлекеттердин ортосунда чек аралар ачылат, - деди Кубан Исагалиевич.

Ушул тапта бул мыйзам долбооруна жылдык жүгүртүүсү 4 млн. сомго чейин болгон, КНС төлөөчү катары эсептелбеген чакан бизнестин ишканалары, ошондой эле жүгүртүүсү 4 млн сомдон 30 млн. сомго жеткен компаниялар жана коммерциялык эмес уюмдар туура келүүдө. Алар киреше салыгы, сатуудан алынган салык, роялти боюнча өз отчетторун салыктык каттоодон өткөн жери боюнча кварталына бир жолу айдын 20-күнүнөн кечиктирбестен тапшырып турат.

Республиканын булуң-бурчундагы жергиликтүү жамааттар жана ЖӨБ органдары менен иш алып барган көпчүлүк адистер жана юристтер, мисалы, Өнүктүрүү саясат институту, ошондой эле биздин өлкөдө ишкер чөйрөсүн жакшыртуу боюнча долбоорлорду иштеп чыккан жана аталган токтомду даярдоодо министрлер кабинетине өз сунуштары менен жардам берген IFC эксперттери өкмөттүн бул кадамы аймактагы ишкерлер үчүн өзгөчө маанилүү болгонун белгилешет.

Белгилүү болгондой, Кыргызстанда негизинен чакан ишкерчилик өнүккөн алыскы айыл өкмөттөрү көп. Чаткал, Ала-Бука, Жумгал же Аксы райондорунан ай сайын бир нече жолу райондук борборго отчет тапшыруу үчүн баруу капчыкты каккан иш. Документтерди даярдоого кеткен убакытты жана жол чыгымдарын эсептебеген күндө деле барып-келүүгө көп саат кетет, жолдордун начардыгы адамды азапка салат. Ошону менен бирге жок дегенде бир күнгө кечигип калсаң сөзсүз жазапул төлөйсүң. Албетте өз ишин ачууну каалагандарды мына ушул нерселер кооптондурат жана кийинки аракеттерди жасатпай, токтотуп турат.

Көпчүлүк өлкөлөрдө отчет тапшыруунун жөнөкөйлөтүлгөн модели ири салык төлөөчүлөргө да тиешелүү. "Бирок биздин өлкө буга бара-бара жетет", - деп эсептейт Кубан Айдаралиев. Бул КНС төлөөчүлөрүнө да тиешелүү. Алар үчүн мөөнөттөр жана мезгилдүүлүк өзгөрбөгөн бойдон калды. Өкмөт азырынча жаңы эрежелерди аларга карата да колдонууга даяр эмес. Анткени тобокелчилик өтө жогору. Канча айтканы менен КНС бул бюджетти түзгөн салыктардын негизгилеринин бири эмеспи.

"Бизде КНСти орто жана ири бизнестин субъекттери төлөйт. Алар анчалык көп эмес – болгону 8837 ишкана жана компания бар, - дейт Экономика министрлигинин аткаминери. – Аларда адатта борборлоштурулган бухгалтерия бар, ал жакта баары компьютерге киргизилген. Алар үчүн КНС боюнча отчетту даярдоо жана тапшыруу оорчулук келтирбейт. Процесс жакшы жолго коюлган – окутулган квалификациялуу кадрлар, атайын программалар бар. Алар дээрлик бардык отчетторду электрондук түрдө тапшырууну өздөштүрүп алышкан".

Ай сайын отчет тапшырып туруудан квартал сайын тапшырууга өтүүгө байланыштуу бюджет үчүн коркунуч барбы? Бул суроого Кубан Айдаралиев ооба деп жооп берди. Дал ушул себептен улам казынага түшкөн киреше азаят деп кооптонгон Экономика министрлиги көпкө чейин каршылыгын билдирип келген. Анткен менен мыйзам долбоорунун үстүнөн иштеген жумушчу топтун мүчөлөрүнүн көбү Салык кызматы администрациялоону күчтөндүрүү жолу

менен коркунучтардын жана тобокелчиликтердин ордун толукташ керек деп күмөн санап жаткандарды ынандыра алды. Анткени дал ушундай милдетти МСКнын алдына өкмөт коюп келет. Анын үстүнө ведомство да өз пландарында жана стратегияларында бул жааттагы ишти жакшыртууну артыкчылыктуу милдети катары эсептейт.

Отчетуулуктун саны кыскаргандан кийин МСКнын милдети – салыктарды жыйноо динамикасына көз салып туруу, эгерде салык төлөөчүлөр белгиленген эрежелерди бузса, аларга эскертүү берүү, административдик чараларды көрүү. Бул аспаптардын баары фискалдык органдын карамагында бар, алардан болгону компетенттүүлүк, кесиптик мамиле жана кардарлар менен иш алып барууда натыйжалуулук талап кылынат.

Өкмөттүн №602 токтому өлкөдөгү инвестициялык климатты жакшыртууда, анын атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн арттырууда оң ролду ойной турганы шексиз. Азырынча бир маселе чечилбеген бойдон калууда. Бул – Соцфондго камсыздандыруу чегеримдерин төлөөнүн мезгилдүүлүгү. Бул жерде эч нерсе өзгөргөн жок. Эгерде ушул төлөмдөргө карата ушул өңдүү өзгөртүүлөр жана толуктоолор колдонулганда ата мекендик ишкер жеңилдеп калмак жана эркин дем алмак.

Азырынча болсо чакан жана орто бизнес үчүн өтө маанилүү мыйзам долбоорун карап чыгып, талкуулай турган депутаттардын чечимин күтө туруу керек. Өкмөт оң жагынан чечилет деп үмүт артууда. Анткени документ өтө кылдат даярдалган, АРВ, финансылык-экономкалык жана укуктук анализдерден өткөн. Алардын бардыгы ата мекендик бизнес да, мамлекет да, келечектеги ыктымал инвсторлор да утушта болоорун көрсөттү. Анткени алардын жолунда турган дагы бир олуттуу тоскоолдук алып салынмакчы.

# 2014-жылдагы дем берүүчү гранттардын эсебинен 106 долбоор жыйынтыкталды

**Максим ЦОЙ**
Булак: http://www.vb.kg/293781

2014-жылдын тогуз айында республикалык бюджеттен дем берүүчү гранттардын эсебинен 292 млн. 694,3 миң сомго 262 долбоор каржыланды. Бул тууралуу Финансы министрлиги билдирди.

Ведомствонун маалыматы боюнча 106 долбоор толугу менен жыйынтыкталды. Аларды ишке ашырууга 49 млн. 886,4 миң сом жумшалды.

Финансы министрлиги тактагандай, долбоорлорду каржылоо жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органдары берген отчетторго жараша болот. Суралган суммага жана талап кылынган көлөмгө ылайык, грант долбоордун тибине жараша каражаттарды (өзүнүн, тартылган жана республикалык бюджеттен түшкөн) өздөштүрүүнү эсепке алуу менен бөлүп-бөлүп берилет.

Эскерте кетели, 2014-жылдын республикалык бюджетинде “Дем берүүчү (үлүштүк) гранттар” беренесине 400 млн. сом каралган.

Маалымдама. Дем берүүчү (үлүштүк) гранттар – артыкчылыктуу долбоорлор боюнча максаттуу чыгымдоону жүзөгө ашыруу үчүн акысыз жана кайтарымсыз негизде жогору турган деңгээлдеги бюджеттин төмөн турган деңгээлдеги бюджетке берген каражаттар. Мындай долбоорлорго алыскы райондордогу калктуу конуштардын көпчүлүк жашоочулары үчүн жеткиликтүү болгон объекттерди калыбына келтирүү боюнча долбоорлор кирет.

| Категория | 2014-жылдын 1-ноябрына карата | | |
|---|---|---|---|
| | Объекттердин саны | Бөлүнгөн финансы каражаттары (миң сом менен) | Жалпы суммадан % |
| Мектептер | 116 | 137 807,9 | 47,1 |
| Бала бакчалар | 55 | 64746,3 | 22,1 |
| Маданий маанидеги объекттер | 22 | 24 118,6 | 8,2 |
| Спорттук маанидеги объекттер | 18 | 18 591,5 | 6,4 |
| Саламаттык сактоо объекттери | 7 | 4 972,4 | 1,7 |
| Инженердик-коммуникациялык инфраструктура объекттери | 27 | 24 236,4 | 8,3 |
| Административдик маанидеги жана башка объекттер | 17 | 18 221,2 | 6,2 |
| **Баары** | **262** | **292 694,3** | **100,0** |



# Жергиликтүү демилге инфраструктура чөйрөсүнөн социалдык көйгөйлөрду чечүү чөйрөсүнө кетиш керек

**Айнура Балакунова, Анара Мусаева, Алтынай Бузурманкулова, ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун жарандык катышуу боюнча адистери**

2014-жылдын күз мезгилинде “Жергиликтүү демилге – 2014” жана “2015-жылга бюджетти түзүүгө жарандардын реалдуу катышуусу” сынактарынын жыйынтыгы боюнча “Элдин үнү жана ЖӨБ органдарынын жоопкерчилиги: бюджеттик процесс” Долбоорунун алкагында бейөкмөт уюмдардын катышуусу менен эки аймактык форум өткөрүлдү. Биринчиси 30-октябрда Каракол шаарында өтүп, сынактын жеңүүчүлөрүнүн, Ысык-Көл облусунунун аймагында жайгашкан ЖӨБ органдарынын, мамлекеттик структуралардын жетекчилеринин, жарандык коом уюмдарынын өкүлдөрүнүн башын бириктирди. Ысык-Көлдөгү форумга 80 адам, анын ичинде айыл өкмөтүнүн башчысы жана анын орун басары, жамааттардын, бейөкмөт уюмдардын өкүлдөрү, ошондой эле Ысык-Көл облусу боюнча ЖӨБЭММАнын өкүлү Замир ТУРДУКЕЕВ жана облустук мамлекеттик администрациянын өкүлү Калипа КАЗАКБАЕВА катышты.

Экинчи форум 4-ноябрда Жалал-Абад облусунда өтүп, ал жерге элеттик муниципалитеттердин өкүлдөрү, сынактардын жеңүүчүлөрү жана Жалал-Абад облусунун жарандык коом уюмдары чогулду. Форумга 57 киши катышты. Алардын ичинде: Жалал-Абад облусу боюнча ЖӨБЭММАнын өкүлү Сатыбалды САРТМАНБЕТОВ, КР Өкмөтүнүн ыйгарым укуктуу өкүлүнөн Садыр САТЫБАЛДИЕВ катышты.

Жергиликтүү демилге идеясын жарандык катышуунун аспабы катары жайылтуу идеясы форумдардын негизги максаты болду.





## 2014-жылдагы форумдардын өзгөчөлүктөрү

Иш-чарага катышкандардын да, "Жергиликтүү демилге – 2014" сынагына түшкөн табыштамалардын да көптүгү бул жылдын өзгөчөлүгү болуп калды. Долбоордун адистери көрсөткөн материалдарда табыштама авторлорунун курамынын, жергиликтүү жамааттын активдүүлүгүнүн, жергиликтүү көйгөйлөрдү чечүүдө ЖӨБ органдарынын динамикасы келтирилип, мындан тышкары үч жылдын ичинде "жергиликтүү демилгелерди" каржылоо булактарынын динамикасы тууралуу маалыматтар берилген. Демилгелердин көбү дагы деле инфраструктураларга, аны менен катар ички жолдорго, таза жана сугат суунун жетишсиздигине, бала бакчалардын начар абалына тиешелүү болсо да, бара-бара көбүрөөк көңүл аймактын турмушунун социалдык чөйрөсүнө да бурула баштады. Мындан улам демилгелердин сандык көрсөткүчтөрүнөн тышкары алардын сапаттык жактан өзгөрүүлөрүн да белгилей кетиш керек.

Жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүдө жана ЖӨБ органдары менен өз ара аракеттешүүдө өз тажрыйбасы менен "Атуул" коомдук бирикмесинин адиси бөлүштү. Бул уюм Каракол шаарынын аймагында катталганына карабастан долбоорлордун көпчүлүгү элеттик муниципалитеттердин аймагында ишке ашырылган жана БӨУ айылдарда жашаган жана иштеген активисттер, демилгелүү топтор жана ЖӨБ органдары менен жигердүү иш алып барууда. Жалал-Абаддагы Жарандык коомдорду колдоо борборунун ассоциацияларынын жетекчиси Э.С.МАВЛЯНОВА жергиликтүү жамаат менен ЖӨБ органдарынын өз ара аракеттешүүсүнүн сапатын жакшыртуу жана арттыруу боюнча долбоорлорду ишке ашыруу тажрыйбасы менен бөлүштү. "Жергиликтүү демилге – ЖӨБ органдары менен калк ортосундагы диалог үчүн база" темасына Надежда ДОБРЕЦОВА даярдаган бет ачар катышуучулардын өзгөчө кызыгуусун пайда кылды. Алар бир топ суроолорду узатышты: эмне үчүн жергиликтүү жамаат салык төлөп жатса да жергиликтүү демилгени ишке ашы-









рууга каражат бериш керек; эмне үчүн жолдорду оңдоого акча чогултуш керек, балким жергиликтүү бюджеттин каражатын натыйжалуу пайдалануу керектир; эмне үчүн БӨУ карылардын терезесин жууп бериш керек, бул үчүн мамлекеттик бюджеттин кызматкерлери бар да; “жергиликтүү демилге” деген термин кайдан чыкты.

## Сөз кезеги жеңүүчүлөрдө

Долбоордун адистеринин баяндамаларынан тышкары форумдардын программаларында сынактык табыштамалары эң көп упай топтоп, “Жергиликтүү демилге – 2014” жана “2015-жылга жергиликтүү бюджеттерди түзүүгө жарандардын реалдуу катышуусу” сынактарынын жеңүүчүлөрү болуп табылган башчылардын, айыл өкмөт адистеринин жана жергиликтүү жамааттын лидерлеринин бет ачарлары да каралган.

Караколдо биринчи орунду ээлеген “Менин айылымдагы жаңылыктар ай сайын жарыкка чыгып турат” деп аталган табыштаманын автору, Көк-Ирим АӨнүн кирешелер боюнча адиси Перизат НАЙМАНОВА баяндама жасады. Ал эми бюджетти түзүү боюнча коомдук угууларды өткөрүү жаатында мыкты практика менен Бостери айыл өкмөтүнүн финансы-экономикалык бөлүмүнүн жетекчиси Алмаз УСУПОВ бөлүштү.

Жалал-Абадда бюджет боюнча угууларды уюштуруу жана өткөрүү боюнча өз тажрыйбасы менен Биринчи Май айыл өкмөтүнүн башчысы Мухтар ШЕРБАЕВ бөлүштү. Бул эки тажрыйбада тең ЖӨБ органдары маалымат өнөктүгү канчалык маанилүү болгонуна токтолушту. Угуулар тууралуу маалымат активдүү жайылтылганынан улам ага көп киши катышып, залда жаштар да, карылар да, аялдар да, эркектер да отурду. Жергиликтүү гезиттер жана маалымат порталдары ишке тартылды. Мухтар ШЕРБАЕВдин айтымында, АӨ аппаратынын адистери өздөрү да мынчалык көп адам келет деп күткөн эмес. Анткени келери күтүлүп жаткан эки жүз адамдын ордуна угууларга дээрлик үч жүзгө жакын адам катышты. Бирок эң негизгиси угуулардын жүрүшүндө түшкөн сунуштардын жыйынтыгы боюнча кийинки жылга жергиликтүү бюджеттин








долбоору талкууланды, ал эми сунуштардын ичинен эң алгылыктуулары айылдык кеңештин сессиясынын жүрүшүндө долбоорго киргизилди.

Кенже мектеп курагындагы балдар үчүн куурчак театрын түзүү боюнча демилгеси үчүн атайын байге Ысык-Көл районунун Тору-Айгыр ААга ыйгарылды. Кыргыз тил мугалими жана куурчак театрынын уюштуруучусу Азамат КУДАБАЕВдин айтымында, окутууда өзгөчө мамиле зарыл болчу. "Балдардын мектепке болгон кызыгуусу жоголуп калды, алар сабакка келээр замат үйгө кеткенге шашат. Азыркы заманда көпчүлүк балдар жана өспүрүмдөр, ошондой эле улуу муундун өкүлдөрү да бош убактысынын көбүн жаңы технологияларга жумшап калды. Чөнтөк телефондордун, телеберүүлөрдүн жана компьютердик оюндардын курчоосунда алар өздөрүн жакшы сезишет. Китеп окуу, кыймылдуу оюндар, театрлар өткөн чактын саркындысы катары каралып, балдардын руханий жана маданий өнүгүүсү токтоп баратат. Жашоонун мындай калыбы балдарды эч кандай жакшы нерсеге үйрөтпөй турганын түшүнүү менен биз мектеп окуучуларын окутуу жана тарбиялоо процессине жаңы бир нерселерди киргизүүнү, тагыраак айтканда мектеп имаратында куурчак театрын ачууну чечтик.

Спектаклдер жана андагы каармандар балдарды өз мисалында жакшы менен жаманды ажыратууга, досторго жардам берүүгө, улууларды урматтоого үйрөтөт. Бардык каармандар адабий кыргыз тилинде сүйлөшөт. Муну менен сөзүн өстүрүп, балдардын тил байлыгын байытат. Спектаклдер аяктагандан кийин биз анкета таратып, аудиториядан көргөнүнөн эмне жакканын, эмнеси жакпай калганын сурайбыз. Театрды мындан ары да өнүктүрүүгө карата кандай идеялары жана акылдары болгонун билебиз", - деди мугалим.

ЖӨБ органдарынын укуктарына жана милдеттерине карата өз турумун Жалал-Абад облусу боюнча ЖӨБ иштери жана этностор аралык мамилелер боюнча Мамлекеттик агенттиктин өкүлү Сатыбалды САРТМАНБЕТОВ билдирди: "Жергиликтүү маанидеги маселелерди жергиликтүү бюджет менен чече албайсың. Жалал-Абад облусу боюнча 68 айылдык аймак бар жана алардын ичинен он экисинде гана өз көйгөйлөрүн чечүү мүмкүнчүлүгү бар. Өткөрүлүп берилген ыйгарым укуктарды чечүү үчүн мамлекет бай жана күчтүү болуш керек. Мамлекеттик деңгээлде да чечилиш керек болгон бир топ маселе бар, бирок дайыма эле каражат жете бербейт. Жергиликтүү жамаатка кайрылууга жана маселени чечүүгө салым кошуусун өтүнүүгө туура келет. Эгерде мисалы, Биринчи Май АА өңдүү күчтүү жетекчилик болсо, бала бакчалар толугу менен мамлекеттик деңгээлде каржыланмак. Келечекте өткөрүлүп берилген ыйгарым укуктар мамлекеттик каражаттын эсебинен чечилет деп үмтөтөбүз. Ал эми бюджет боюнча коомдук угууларды өткөрүүнүн жол-жобосу боюнча ар бир айыл өкмөтүн милдеттендиребиз".

## Жергиликтүү демилгенин келечеги

ӨСИнин башкаруу төрайыма Надежда ДОБРЕЦОВА Караколдо өткөн форумда жергиликтүү демилгелердин темалары жана багыттары инфраструктуралык маселелерди чечүү чөйрөсүнөн социалдык көйгөйлөрдү чечүүгө өтүш керек деген пикирин ортого салды. "Жарандар инфраструктуралык долбоорлорду аткаруу милдетин өзүнө толугу менен алган учурда жергиликтүү өз алдынча башкаруу жеңилдеп отуруп калат жана адамдар өздөрү, ашар жолу менен, же жамаатта чогула калып жолдорду оңдойт же бала бакчалардын курулушу менен алектенет деген ой менен кошумча ресурстарды издөөнү токтотот. Ал эми бул туура эмес. Жарандардын чыгармачыл дараметин жана кубатын башка багытта колдонсо болот. Мисалы, салттарды жана маданий мурасты сактоо, спортту өнүктүрүү, кары-картаңдарга жана жалгыз бой адамдарга жардам берүү ж.б. үчүн. Ал





эми инфраструктура – бул жергиликтүү маанидеги маселелер, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын түздөн-түз милдети жана иши. Албетте жарандар инфраструктуралык көйгөйлөрдү чечүүдөн баш тартып койгону туура эмес, бирок адамдар бул иштер менен айласы түгөнгөн үчүн алектенип жатканын түшүнүш керек. Жарандардын муниципалитеттердин социалдык өнүгүүсүнө катышуу мүмкүнчүлүктөрүн жана механизмдерин өнүктүрүш керек – жергиликтүү демилге, социалдык тапшырык аркылуу”.

Форумдун соңунда катышуучулар төмөнкүдөй суроолорду талкуулашты:

1. Жергиликтүү демилге жоголуп кетпеши үчүн эмне кылуу зарыл жана ал кантип өнүгүш керек?

2. Социалдык тапшырыктан тышкары дагы кандай механизмдерди жергиликтүү демилгени жүзөгө ашырууда колдонсо болот?

3. Жергиликтүү демилгени каржылоонун булактары кайсылар?

Жергиликтүү жамааттардын өкүлдөрү ЖӨБ органдары өз ишмердигинде ачыктыкты жана айкындуулукту камсыздаш керек деп эсептешет. Пландоодо калктын пикири эсепке алынышы маанилүү. ЖӨБ органдары менен сүйлөшүү жүргүзүү процессинде лидер болуп жамааттын алдыңкы өкүлдөрү же жергиликтүү демилгелердин жетекчилери чыга алат. Жамаатта кырдаалды жакшыртуу боюнча сунуштарды чогулуштарда, АӨ жана АК депутаттары менен жолугушууларда берсе болот. Дал ошол лидерлер демилгенин андан ары оң жагынан чечилишине, жергиликтүү бюджеттен каражаттын бөлүнүшүнө көмөктөшүп, жергиликтүү демилгени жүзөгө ашырууга калкты тарта алышат. Демилгечилерди шыктандыруу үчүн муниципалитет деңгээлинде сынактарды уюштурса болот. Ал эми жарандык коом уюмдары ЖӨБ органдары жергиликтүү маанидеги маселелерди чечиш керек, бирок бул үчүн ресурстарды жана өнөктөштөрдү издөө менен алектениш керек деп эсептейт. Ал эми жарандар өз кызыкчылыктарын АК депутаттары аркылуу ишке ашыра алат. Жергиликтүү бюджет маселени чечүүгө багытталыш керек. Жергиликтүү жамаат жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүгө мониторинг жүргүзүү ишине катыша алат. Жергиликтүү демилгени жүзөгө ашырууда жергиликтүү жамааттын арасында долбоорлордун, идеялардын сынагын уюштуруу, жергиликтүү демилгени каржылоо үчүн өнүктүрүү фонддорун түзүү сунушталат. Мындан тышкары донорлордун каражаттары, ыктыярдуу салымдар жана жамааттардын фонддору каржылоонун булагы болуп бере алат.

ЖӨБ органдары калктын керектөөлөрүн жашоочулардын катышуусу менен аныктоону сунушташат. Андан кийин жергиликтүү демилгени активисттер менен ишке ашыруу же жакшы демилгени аныктап чыгуу үчүн жергиликтүү жамааттын арасында сынак уюштуруу маселелерин талкуулап алууну сунушташат. Жергиликтүү бюджетти пландоодо мындай демилгелерди колдоого каражат каралыш керек, ошону менен бирге жамааттардын, демилгечилердин жана инвестициялардын салымы болот деген ыктымалдуулукту четке какпоо зарыл.

## Соңунда белектер

Форумдун соңунда сынактын жеңүүчүлөрүнө ээлеген ордуна жараша дипломдор жана белектер тапшырылды. Анын баары өздөрү көтөрүп чыккан демилгени, АӨ аппаратынын ишин жана ЖӨБ органдары калкка көрсөткөн кызмат көрсөтүүлөрдүн сапатын андан ары өнүктүрүүгө жана жакшыртууга жумшалмакчы.

Уюштуруучулар жактан да, чакырылгандар жактан да форумдун катышуучулары демилге ЖӨБ органдары аймактагы маселелерди чечүү үчүн жергиликтүү жамаат менен биргеликте өткөрө турган иш-чаралардын башаты гана болот деген үмүтүн билдиришти. М





# ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун пресс-сапары. Жарандардын үнүн уга билүү жана аларга ойлогонун ишке ашырууда жардам берүү

**Лариса ЛИ**

Калыптанып калгандай, ММКнын көңүлү борборго бурулган. Бишкекте болгондун баары маалымат агенттиктердин жана гезиттердин сайттарында жаңылыктар тизмегинде жаңылык жана кабар, ТВ жана радиодо репортаж түрүндө пайда боло калат. Ошондо адамдарда саясий, маданий, экономикалык өңдүү жигердүү турмуш борбор калаада жана башка ири шаарларда өтөт деген жаңылыш пикир калыптанып калат.

Ал эми чындыгында бардык өлкөлөр, анын ичинде Кыргызстан да региондор менен жетилет. Ал жактарда адамдар бүгүн да жүз-эки жүз жыл мурдагыдай эле жер айдайт, эгин себет, үй курат, балдарды окутат, жакшы жаңылыктарга кубанат жана эртеңки күн бүгүнкүгө караганда жакшы болот деп үмүт артат. Аймактардын биринде – Кыргызстандын эң алыскы айыл өкмөтүндө Бишкектегиден кем калышпаган жемиштүү турмуш өтүүдө. Болгону ал жактагы адамдар журналисттердин көз кырына көп илинбейт.

Маалымат боштугун жарып, биздин ММКга чакан Мекендин күнүмдүк турмушун көрсөтүп, республиканын маалымат талаасында ушунчалык жетишпей жаткан очерктер жана репортаждар үчүн жаңы кармандарды ачыш үчүн Өнүктүрүү саясат институту борбордук жана аймактык журналисттер үчүн эки пресс-сапар уюштурду.

Ал эми бул үчүн "Жергиликтүү демилге" сынагынын жеңүүчүлөрүн жана байге ээлерин сыйлоо аземи маалыматтык себеп болуп берди. Аталган сынакты "Элдин үнү жана ЖӨБ органдарынын жоопкерчилиги: бюджеттик процесс" Долбоорунун алкагында Өнүктүрүү саясат институту ушуну менен үчүнчү жыл өткөрүүдө. Форумдарда Чүй, Ысык-Көл жана Жалал-Абад облустарынын айыл өкмөттөрүнүн ичинен долбоорлору жергиликтүү калк үчүн эң кызыктуу жана пайдалуу деп табылган мыктыларды сыйлоо жакшы салтка айланды.

Бирок адегенде уюштуруучулардын оюу боюнча, журналисттерге атүгүл жергиликтүү ММК да билбеген элеттиктердин жакшы иштерин жана жетишкендиктерин көрсөтүү керек эле. Ошентип сапарыбызды 29-30-октябрь күндөрү Ысык-Көл облусунан баштадык. Сапар жолундагы биринчи объект Тору-Айгыр айылы эле. Бул жерде катышуучулар өздөрү күтпөгөн куурчак театрына туш болушту. Ал эми театрдын таржымалы мындай: АКШдан келген ыктыярчы Эрик ЛУКМАН менен куурчак театрынын көркөм жетекчиси Азамат КУДАБАЕВ биргелешип, кыргыз тилинде долбоор иштеп чыгышты. Бул долбоор кийин АКШ өкмөтүнүн "Тынчтык корпусу" Көз карандысыз федералдык агенттигинин Кыргызстандагы өкүлчүлүгүнөн 3650 доллар өлчөмүндө каржылоого ээ болду.

Ч.Айтматов атындагы Орус драма театрынын сүрөтчү-дизайнери жана куурчак жасагандар менен биргеликте 10 куурчак персонажын даярдоо боюнча келишим түзүлдү. Айыл өкмөтү элеттик Маданият үйүнүн имаратын ремонттоо боюнча иштерди уюштурду. Ага элеттиктер да катышып, кээ бири акчалай жардам берсе, башкалары курулуш материалдарын алып келип беришти, үчүнчүлөрү эмгектенип салым кошушту. 1-июнда – Балдарды коргоо күнүндө ремонттолгон Маданият үйүндө театрдын ачылышы ийгиликтүү өттү.

Долбоорду ишке ашырууга кеткен чыгымдар: куурчактар үчүн материалга – 111 800 сом, дизайнерлердин-куурчак жасоочулардын эмгек акысы –

38 700 сом, транспорт чыгымдары – 7000 сом.

Кийинки сапар Чоң-Сары-Ой айылына болду. Бул жерде ЖӨБ органдары жергиликтүү жашоочулардын өтүнүчтөрүнө кулак салып, калкты ФАПтын курулушуна тартты. Объекттин жалпы наркы 5 млн. сомдун тегерегинде болду, курулушка уруксат боюнча документтерди, участок бөлүү тууралуу маселени, долбоорду даярдоо иштерин өзүнө айыл өкмөтү алды. Курулуштун жүрүшүндө аймактын 15 жашоочусу ишке орношуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болду.

Бостериде жергиликтүү бийлик конокторго жаңы жолду көрсөтүп мактана алды. Мурда бул жолдон атүгүл Тез жардам унаасы оорулууга өз убагында жете албай, ата-энелер өз маалында баласын бала бакчага жеткире албай калгандыктан жумушуна кечигишчү. Жалпынын аракети менен жолдун 5 километри оңдолду. Эми болсо Бостериде кенен жол бар, жөө жүргүнчүлөр үчүн ыңгайлуу шарттар түзүлгөн.

"Шамсыя" жамаатынын тажрыйбасы да журналисттерди таасирлентти. Анын мүчөлөрү баштапкы мектептин эски имаратын реконструкциялап, ал жерде мектепке чейинки билим берүү борборун ачууну сунушташты. Көп ойлонуп отурбай ишке жең түрө киришти: АРИСке долбоордук сунуш жазышты, ал 118 000 сом бөлдү, ал эми "Шамсыя" 34 421 сом кошту. Алардын ичинен эмгек салымы 25 301 сом, ал эми материалдык салым 9 120 сом болду. Жамааттар бирикмеси 64 000 сом кошумчасын берди. Өтө чоң иш жасалып, натыйжада мектептин эски имараты оюн бөлмөсү, окуу классы, ашканасы, уктоочу бөлмөсү бар жайлуу, таза, тыкан "Бөбөк" аттуу балдардын мектепке чейинки билим берүү борборуна айланды.

Сапардын акыркы объектиси Липенка болду. Бул жерде жергиликтүү коомчулуктун демилгеси менен өтө маанилүү маселе чечилди – 958 үй кожолугу бар, жер участогунун жалпы аянты 5047 гектарды түзгөн үч айыл сугат суу менен камсыздалды. Долбоордун жалпы бюджети 17 млн. 300 миң сомду түздү. 5 насос станциясы курулуп, сугат системасын жана ички чарба каналдарын, үзгүлтүксүз жөнгө салуу бассейндер (ҮЖБ) системасын калыбына келтирүү боюнча иштер жасалды. Натыйжада 2000 гектар жер сугат суу менен камсыздалды.

Бишкектик журналисттер Галина Лунева жана Ирина Балакинанын айтымында, аларды көлдүктөрдүн энтузиазмы жана эмгекчилдиги таасирлендирди. "Кандай азамат адамдар!", - деп үйүнө кайтып келгенден кийин суктанып жатышты. Ал эми алардын жергиликтүү кесиптештери болсо өз жердештери тууралуу көп жаңы жана жакшы нерселерди билгенин моюндарына алышты.

"Жергиликтүү демилге" сынагынын максаты – калктын жамааттын жашоосуна жана жеринде чечимдерди кабыл алуу процессине дагы да жигердүү аралашуусуна дем берүү, жергиликтүү демилгелерди ишке ашыруу боюнча өзгөчө ийгиликтүү мисалдарды аныктоо, өзгөчө жигердүүлөрдү шыктандыруу жана алардын тажрыйбасын башка жамааттарда жайылтуу. Максаты – Кыргызстандагы жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жергиликтүү жамааттар менен өнөктөштүктө жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүнүн иш усулдарын жана жаңы ыкмаларын колдонууга көмөктөшүү. 2014-жылы Швейцария Өкмөтү Британиянын Эл аралык өнүктүрүү боюнча министрлиги менен өнөктөштүктө каржылаган Долбоорду ишке ашырган Өнүктүрүү саясат институту үч облустун 12 районундагы 38 айылдык аймактын өкүлдөрүнөн 74 табыштама алды. Ошону менен бирге 60% Жалал-Абад облусундагы муниципалитеттерден, 39% Ысык-Көл облусунан жана 1% Чүй облусунан түштү. Бул жылы табыштамалардын айырмалуу белгиси төмөнкүдөй болду: көп учурда авторлор ЖӨБ органдарынын жергиликтүү жамааттар, анын ичинде жарандык коом уюмдары менен өнөктөштүктө алып барган иштери тууралуу айтып беришти. Бирок жөн гана иштер тууралуу эмес, азырынча көптөр үчүн жаңы болгон натыйжа үчүн иштөө тажрыйбасы – калктын чыныгы керектөөлөрүн канааттандыруу тууралуу сөз кылышты.

Аймактарда адамдар эмнени каалайт, башы эң көп кайсы маселелерге ооруйт жана жашоо алардын алдына койгон тапшырмаларды жана көйгөйлөрдү өз күчү менен кантип чечип жатканын көрсөтүү – экинчи пресс-сапардын максаты болду. Сапардын катышуучулары 3-4-ноябрь күндөрү Жалал-Абад облусуна жол тартышты. Республиканын түштүгүндөгү ЖӨБ органдары бул жылы өзгөчөлөнүштү – сынакка эң көп табыштама ошолордон түштү. 60 табыштаманын ичинен 47си ушул облустан келди. Белгилей кетчү жагдай, демилгелердин көпчүлүгү ММК өкүлдөрү айтып берүүгө жана көрсөтүүгө татый тургандай эле.

Кеңеш айылында Бишкек, Жалал-Абад, Ала-Бука жана Чаткалдан келген конокторду айылдык аймактын социалдык маселелер боюнча башкы адиси Жанышалы Арзыбаев тосуп алды. Ал элеттиктердин күчү менен курулуп жаткан спорт комплекстин көрсөттү. Аны курууга жумушсуз отурган жаштар арасында аракечтикке каршы күрөш себеп болду. Бул демилге ЖӨБ тарабынан гана эмес, калктан да кеңири колдоого ээ болуп, долбоорго айылдын бардык жашоочулары катышты. Жалпы иш элеттиктердин башын бириктирип, моралдык климатты жакшыртты.

Абдураимов айылында журналисттерге кичи-футбол боюнча мелдештерди өткөрүү үчүн үстү жабык стадионду көрсөтүштү. Бул объектти 1,5 млн. сомго курушкан, ал эми акчаны болсо ушул айылдан чыккан, учурда Орусияда иштеп жүргөн мигранттар чогулткан. Арзыбаевдин айтымында, стадиондун ижарасы 5 миң сом турат. Бардык түшкөн каражат атайын түзүлгөн фонддо топтолуп, жергиликтүү балдар үчүн бала бакчаны калыбына келтирүүгө жумшалмакчы.

Баймондуз айылына сапар да пландалган болчу. Бул жерде бала бакча ачылган. 90 наристеден турган үч топ уктоочу жана оюн бөлмөлөрүн күлкүгө бөлөштү. Бул жерде жаңы сырдын жана линолеумдун жыты али кете элек экен. Ал эми бир жыл мурда эле "Билим" демилгелүү тобу балдардын мектепке чейинки мекемелеринде орун жетишсиздик

көйгөйүнө коомчулуктун көңүл бурганга чейин бул жерде эч нерсе жок болчу. ЖӨБ органдары жана айыл жашоочулары жаңы бала бакча куруу идеясын колдоп берип, АӨ жаңы объект үчүн 30 сотик жер бөлүп, зарыл болгон бардык документтерди даярдады. 75 орундуу бала бакчанын баасы 6,4 миллион сомдун тегерегин түздү. Каражат түрдүү булактардан тартылды: 2 238 120 сом жергиликтүү бюджеттен алынды, ЭҮЖӨБОЖ Долбоору 1 млн. сом бөлдү, Каржы министрлигинен 2 700 000 сом өлчөмүндө дем берүүчү грант тартылды, жергиликтүү жамаат 455 000 сом чогултту. Акча каражаттарынан тышкары жергиликтүү жамаат шейшеп, жаздыктарды, оюнчуктарды, жууркан менен идиш-аяктарды берди. Жеке ишкер С.Темиров 50 матрац жана керебет тартуулады. Долбоордон түз пайданы 250 адам алды, кыйыр пайдасы 1200 адамга тийди.

Дөбөй айылы – бул аймактын борбордук айылы, ал калктын саны дээрлик 7 миң кишиден турган 7 калктуу конушту бириктирип турат. Алардын ичинен 7 жаштан 40 жашка чейинкилердин саны 30 пайыздын тегерегинде болот. Элет жаштарынын бош убакытты өткөрүү үчүн бараар жери жок эле. Күндүз стадиондо топ тепкени болбосо, окуудан жана иштен кийин эмне кылышат? Күн батып, тегерек капкараңгы болуп калат да. Чакан футбол талаасын кечинде пайдалануу үчүн жарык өткөрүү керек эле. Атайын план иштелип чыккандан кийин муз ордунан жылып, анын ишке ашыруу башталды. Демилгелүү топтун башкчысы Нурлан Саипов журналисттерге футбол талаасына жарык берүү үчүн заманбап шайман менен жабдылган стадионду көрсөттү. Аны элеттиктер 32 миң сомго орнотушкан, бирок эми балдар жана жаштар атүгүл түнүндө да футбол ойной алышат. Бул стадион жабылайын деп калган, аны объектти менчиктештирип алгысы келген ишкерлер айланчыктап калышкан эле. Анткен менен айылдын активисттери элдин байлыгына кол салууга жол беришкен жок. Бүгүнкү күнү футбол талаасы ээн жатпайт, жаш айылдыктарда спорт менен алектенүү, дени сак жашоого өтүү үчүн көбүрөөк мүмкүнчүлүктөр пайда болду. Натыйжада арак ичкен жана тамеки тарткан жаштардын саны кескин кыскарды.

Сапардын катышуучулары Ленин айыл өкмөтүнүн Жыгач-Коргон айылындагы дагы бир бала бакчага күбө болушту. Долбоордун координатору, биология мугалими Бактыгүл Анарбаеванын айтымында, ал жетектеген "Аруузат" фондунун арты менен ушул маанилүү социалдык объект пайда болду. Өткөн жылдын күз мезгилинде бала бакчанын курулушу боюнча жергиликтүү демилгеге арналган элеттик чогулуш өттү. Ошондон кийин эле бала бакчанын курулушу үчүн жер участогун бөлүү тууралуу айыл өкмөтүнө өтүнүч жиберилди. Ар бир үй-бүлөдөн 3 000 сомдон акча чогултулду.

2014-жылы жергиликтүү бюджеттен 450 000 сом бөлүндү. Депутаттар жер участогун бөлүп берген соң бала бакчанын курулушу башталды. Долбоордун жалпы бюджети 4,5 миллион сомду түздү. Ошону менен бирге Жогорку Кеңештин депутаты Азамат АРАПБАЕВ беш тонна цемент берсе, Жогорку Кеңештин дагы бир депутаты Бакыт ТӨРӨБАЕВ 20 000 даана кирпич түрүндө көмөк көрсөттү. Москвадагы мигранттардан да 79 000 рубль салым түштү. Алар бул сумма ай сайын жиберилип турарын убада кылышты. Жергиликтүү жамааттан 1 000 000 сом көлөмүндө акча түшөт деп күтүлүүдө. Алардын жарымы чогултулуп калды. Жергиликтүү бюджеттеги каражаттан 2015-жылга 600 000 сом өлчөмүндө акча бөлүнөт деп убада берилди. ӨСИ берген каражатка активисттер оюнчук сатып алышты.

20 миң киши жашаган Багышта кеч болоор замат борбордук көчөгө гана жарык берилчү. Бул болсо көптөн бери адамдардын турмуш шартына ыңгайсыздык алып келаткан. 2012-жылы Багыш айылдык аймагы ЭӨЖӨБОЖ Долбоорунун пилоту болуп калды. Демилгелүү топтор айыл өкмөтү менен биргелешип өткөргөн ЭКБА-иш-чараларынын натыйжасында көчөлөрдө жарыктын жоктугу эң артыкчылыктуу маселе деп табылып, Багыш ААнын биргелешкен аракеттер планына киргизилген. Бул тууралуу журналисттерге жергиликтүү кеңештин депутаты Эркинбек Мамбеталиев айтып берди.

Айылдык аймактын жаш активисттери алакан жайып отура бербестен бул маселени чечүүгө өздөрү да киришти. Демилгени ишке ашыруунун жалпы бюджети 237 миң сомду түздү, алардын ичинен 153и – бүтүрүүчүлөр берген акча, 30 миңи – жергиликтүү бюджеттен бөлүнгөн каражат. Жергиликтүү жамаат жумушчуларды 20 миң сомго ысык тамак менен камсыздап турду. Ал эми калктын ашар усулу менен эмгек салымы 34 миң сом деп бааланды. Элеттиктердин жалпы аракети менен көчөдө 2 км 750 метр аралыкка электр жарыгы өткөрүлүп, 37 "кобра" лампасы, 4 электр автомат-"пакети", 4 электрди эсептегич орнотулду. Долбоордон түз пайда көргөн бенефициарлардын саны 2 365 адам, кыйыр пайда көргөндөр 200 киши болду.

Белгилей кетчү жагдай, бул демилгенин авторлору – мектептин бүтүрүүчүлөр. Алар буга чейин билим алган мектебине телевизор, килем, жаңы эмерек түрүндө белектерди жасап келишкен. Баалуу буюмдардын көбү мектептеги класстардан белгисиз бир жагдайларда жоголуп кетчү. Ошондо Эркин Мамбеталиев иштеп жаткан жаштарга өз айылына жакшы иш жасоону – балдар мектепке, ал эми улуу муун ишке же азык-түлүк алганы дүкөнгө барган борбордук көчөгө жарык берүүнү сунуштады

Башка айыл өкмөттөрүндө да кайталоого татыктуу жакшы демилге экен, туурабы? Муну борбордук журналисттер да белгилешип, көчөлөрүндө жарыгы жок отурган шаардыктарга Багыштын активисттеринин тажрыйбасы пайдалуу болмоктугун айтышты.

Ысык-Көл жана Жалал-Абад облустарына жасалган эки ири пресс-сапардын жыйынтыгын "Деловой собеседник" журналынын аткаруучу редактору Александр Никсдорф чыгарды: "Өнүктүрүү саясат институтуна элет жергесин бизге ушундай оптимисттик маанайда көрсөткөнү үчү рахмат. Кызыктуу, окуяларга бай жашоо жолдун каршы тарабында да өтүп жатат. Биз болгону аны көрө билишибиз керек".